**“Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максаттар жана милдеттер**

Бул мыйзам долбоорунун максаты ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин өркүндөтүү, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарынын ыйгарым укуктарын бөлүштүрүүгө байланыштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдардагы өксүктөрдү толтуруу жана карама-каршылыктарды жоюу болуп саналат.

Бул Мыйзам долбоорунун милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- адамдын ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү алууга укуктарын ишке ашыруу максатында кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы камтылышын камсыз кылуу;
- айлана-чөйрөгө, анын ичинде суу объекттерине терс таасирин азайтуу жана саркынды сууларды тазалоонун сапатын жогорулатуу аркылуу адамдардын ден соолугун, айлана-чөйрөнү коргоону камсыз кылуу;
- суу ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу;
- натыйжалуу, ыкчам, туруктуу, жеткиликтүү, ишенимдүү жана коопсуз ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызматтарды көрсөтүү;
- ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу;
- ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүдө жарандык коомдун жана жеке сектордун ролун көтөрүү;
- ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу секторуна мамлекеттик жана жеке инвестицияларды стимулдаштыруу;
- ичүүчү суу менен камсыз кылууну жана саркынды сууларды чыгаруу өнүктүрүү үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүү;
- ичүүчү суу менен камсыз кылуунун жана саркынды сууларды чыгаруунун туруктуулугуна мамлекеттик кепилдиктерди белгилөө;
- сууну үнөмдүү керектөөнү камсыз кылуу жана дем берүү.

**2. Баяндоо бөлүгү**

Бул мыйзам долбоорунун актуалдуулугу колдонуудагы “Ичүүчү суу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы шаарларды ичүүчү суу менен камсыз кылууга байланышкан укуктук мамилелерди талаптагыдай жөнгө салбагандыгы жана саркынды сууларды чыгарууга байланыштуу

мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдык актынын жоктугу менен шартталган.

«Ичүүчү суу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынгандан бери бир топ убакыт өттү жана биздин өлкөдө ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу тармагында чоң өзгөрүүлөр болду. Колдонуудагы мыйзамдын көптөгөн ченемдери актуалдуулугун жоготуп, колдонууга мүмкүн болбой калды. Мыйзам айыл жерин ичүүчү суу менен камсыз кылууга багытталган жана учурда айыл жеринде да, шаар жеринде да ичүүчү суу менен камсыз кылуу мамилелерин, ошондой эле саркынды сууларды чыгаруу менен байланышкан мамилелерди жөнгө салуу үчүн универсалдуу мыйзамды кабыл алуу зарыл.

«Ичүүчү суу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Мыйзамында түшүнүктөр жана аныктамалар жетишерлик майда-чүйдөсүнө чейин баяндалган эмес. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана ичүүчү суу берүүчүлөрдүн ичүүчү суу менен камсыз кылуу боюнча милдеттенмелери боюнча карама-каршылыктар бар. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы бийлик органы катары ичүүчү сууну өндүрүүгө жана берүүгө укуксуз, ал өз аймагында ичүүчү суу менен камсыз кылуу кызмат көрсөтүүлөрүн гана уюштура алат, ал эми ичүүчү суу менен камсыз кылууну кызмат көрсөтүүчү уюм же оператор болууга тийиш. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын административдик жана кылмыш-жаза мыйзамдары менен карама-каршылыктары бар.

Мыйзам ичүүчү суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылууну милдеттендирет, бирок бул ар кандай аймактардагы гидрогеологиялык жана климаттык шарттарга байланыштуу дайыма эле мүмкүн боло бербейт. Бул талаптарды бузуу үчүн керектөөчүгө келтирилген материалдык зыяндын ордун толтуруу боюнча берүүчүнүн милдети каралган.

Ошондой эле Мыйзамда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын суу менен камсыз кылуу эрежелерин белгилөө боюнча милдеттери каралган, ага ылайык суу менен камсыз кылуу субъектилеринин ортосундагы негизги укуктук мамилелер ишке ашырылат. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалы өтө төмөн болгондуктан, алар Суу пайдалануу эрежелерин иштеп чыгып, ишке ашыра албай жатышат. Ушундан улам сууну пайдалануу субъектилеринин арасында чечилбеген жана мыйзам менен жөнгө салынбаган көптөгөн маселелер бар.

Колдонуудагы мыйзам ичүүчү суу менен камсыздоочуларга бир катар милдеттерди жүктөйт, бирок бул милдеттенмелерди берүүчүлөр тарабынан аткаруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган ченемдерди камтыбайт. Тарифтерди бекитүү жергиликтүү кеңештердин карамагына өткөрүлүп берилген, алар эч кандай эсептөөлөрдү жүргүзбөстөн жана

негиздемелерсиз, берүүчүнүн банкрот болушуна алып келсе да, каалаган тарифти бекитүүгө укуктуу. Ушуга байланыштуу республиканын бардык аймактарында операторлор сууну өндүрүүгө жана берүүгө кеткен чыгымдардан төмөн тарифтерди колдонушат. Мында берүүчүлөрдүн жоготуулары жергиликтүү бийлик органдары тарабынан да, республикалык бюджет тарабынан да компенсацияланбайт. Бул берүүчүнүн экономикалык туруктуулугун камсыз кылган ченемдик-укуктук актылардын жоктугуна байланыштуу. Ушуга байланыштуу Мыйзам долбоорунда жергиликтүү бийлик органдарынын ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу үчүн тарифтерди өздүк наркынан төмөн бекитүү, ошондой эле ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу секторунун кадрдык потенциалын кесиптик техникалык өнүктүрүүгө (адам ресурстарын өнүктүрүүгө) чыгымдарды эске алуу менен чыгымдардын өздүк наркынын деңгээли боюнча тарифтерди бекитүү үчүн жоопкерчилигин карайт. Тарифтер өздүк наркынан төмөн бекитилген учурда жергиликтүү бийлик органдары тарифтерди жергиликтүү бюджеттен же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка булактардан субсидиялоого милдеттүү.

Мыйзамда ичүүчү сууну эсептегичтерди киргизүү жана иштетүү механизми иштелип чыккан эмес, бул суу эсептегичтерди массалык түрдө киргизүү процессине тоскоол болууда.

Колдонуудагы мыйзамдар ичүүчү суу секторуна жеке капиталдын киришине жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмин өнүктүрүүгө тоскоолдуктарды жаратууда. Ичүүчү мыйзамдарда жеке инвестициялардын кайтарылышына кепилдик берүүчү ченемдер жана жеке капиталды кайтаруунун экономикалык механизмдери жок.

Ичүүчү суу менен камсыз кылуу субъектилеринин ортосундагы келишимдик мамилелер да жакшы жолго коюлган эмес. Ичүүчү суу менен камсыз кылуу секторунун субъекттеринин жоопкерчилигинин так чектери жок.

Ичүүчү суу менен камсыз кылуу системаларын эксплуатациялоо маселелери жетиштүү түрдө чагылдырылбай келет, анын натыйжасында өндүрүштүк кубаттуулуктар, жабдуулар жана тармактын инфраструктурасы эскирип, жараксыз абалга келүүдө.

Азыркы учурда бардык элеттик операторлордо суу менен камсыз кылуу схемалары, өндүрүштүк программалары жок, бул дагы колдонуудагы Мыйзам менен жөнгө салынбайт.

Монополияга каршы мыйзамдарда сапаттын ишенимдүүлүгүнүн жана энергиянын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн жогорулатуу боюнча преференциялар каралган, бирок азыркы учурда мындай көрсөткүчтөр ичүүчү суу менен камсыз кылуу мыйзамдарында жок.

Буга чейин бул мыйзам долбоору министрликтер жана ведомстволор менен белгиленген тартипте макулдашып, Кыргыз Республикасынын

Президентинин Иш башкармалыгы тарабынан жактырылган жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жана андан ары бекитүүсүнө киргизилген.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана канализация маселелерине тиешелүү ченемдерди камтыган жаңы редакциядагы Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин долбоорун иштеп чыгууга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги Кыргыз Республикасынын (мындан ары - Мамкурулуш) мыйзам долбоору Суу кодексинин долбоорун кайра карап чыгуу жана карама-каршылыктарды жоюу үчүн кайра чакыртып алынган. Учурда Мамлекеттик курулуш комитети менен Айыл чарба министрлиги эки мыйзам долбоорунун жөнгө салуу багыттарын жөнгө салып, орун алган карама-каршылыктарды жойду.

Мындан тышкары, Мамлекеттик курулуш комитети жеткирүүчүлөрдүн жана абоненттердин укуктарын жана милдеттерин жөнгө салууга тиешелүү эрежелерди жоюу бөлүгүндө мыйзам долбоорун иштеп чыкты. Бул мыйзам долбоору берүүчүлөрдүн жана абоненттердин укуктарын жана милдеттерин чектебейт, алар жазылуу келишими менен жөнгө салынышы мүмкүн.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерди болжолдоо**

Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын бул долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт. Тескерисинче, мыйзам социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу үчүн шарттарды түзөт.

**4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыгы тууралуу маалымат**

"Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, мыйзамдын жаңыланган долбоору коомдук талкуудан өткөрүү үчүн Мамлекеттик курулуш агенттигинин сайтына жайгаштырылат, ошондой эле Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында ( http://koomtalkuu. gov.kg ) жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган долбоор колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

Ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды изилдөө Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт деп айтууга мүмкүндүк берет.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул мыйзамдын долбоорун ишке ашыруу тиешелүү жылдарга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган каражаттардын жана мыйзамда тыюу салынбаган башка каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат.

**7. Жөнгө салуучу таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган Мыйзам долбоору боюнча жөнгө салуучу таасирин талдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-сентябрындагы № 504 токтому менен бекитилген Методикага ылайык жүргүзүлгөн.

**8. Эгерде ченемдик укуктук актынын долбоору жергиликтүү жамааттардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын тикелей козгосо, тиешелүү бирикмелер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бирикмелери менен консультациялардын жана талкуулардын натыйжалары.**

Бул мыйзам долбоору “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биримдиги” коомдук бирикмесине макулдашууга жөнөтүлдү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетине караштуу**
**Архитектура, курулуш жана турак**
**жай-коммуналдык чарба мамлекеттик**
**агенттигинин директорунун биринчи**
**орун басары С.Э. Джантелиев**

Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
# Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу жөнүндө

## 1-глава. Жалпы жоболор

### 1-берене. Мыйзамдын жөнгө салуу предмети жана колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын аймагында ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салат.

2. Эгерде мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын эл аралык келишиминде ушул Мыйзамга караганда башка ченемдер белгиленсе, анда эл аралык келишимдин ченемдери колдонулат.

3. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр жана бул кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө менен байланышкан мамилелерге карата ушул Мыйзамдын Кыргыз Республикасынын Турак жай кодекси менен жөнгө салынбаган бөлүгүндөгү жоболору колдонулат.

4. Ушул Мыйзамдын колдонулушу төмөнкүлөргө карата жайылтылат:

1) ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган же ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулбаган жолу аркылуу Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү суу менен камсыздоочу жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү адистештирилген суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу уюмдарына (кызмат көрсөтүүчүлөргө);

2) ичүүчү суунун сапатын, булактардын абалын, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системасын жөнгө салуучу, көзөмөлдөөчү жана контролдоочу мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына;

3) ичүүчү сууну жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөргө.

### 2-берене. Негизги түшүнүктөр жана аныктамалар

Ушул Мыйзамда колдонулган негизги түшүнүктөр жана аныктамалар:

1) абонент – адистештирилген суу менен камсыздоо жана/же саркынды сууларды чыгаруу уюму тарабынан эксплуатацияланууучу ичүүчү суу менен камсыздоо жана/же саркынды сууларды чыгаруу системаларына белгиленген тартипте туташтырылган, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууга белгиленген тартипте келишим түзгөн же түзүүгө милдеттүү болгон жеке же юридикалык жак;

2) авария – суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү токтотууга же берүү көлөмүн чектөөгө, ичүүчү суунун сапатынын төмөндөшүнө же айлана-чөйрөгө, жеке жана юридикалык жактардын мүлкүнө жана калктын саламаттыгына зыян келтирүүгө алып келген ичүүчү суу менен камсыздоо, саркынды сууларды чыгаруу системаларынын же айрым курулмалардын, жабдуулардын, түзүлүштөрдүн бузулушу же катардан чыгышы;

3) автономдуу ичүүчү суу менен камсыздоо системасы – жеке жана юридикалык жактар тарабынан колдонулуучу жана калктын жалпы пайдалануусуна арналбаган, керектөө жерлерине берүү менен ичүүчү сууну алуу (же албастан), даярдоо (же даярдоосуз) үчүн түзүлүштөр жана курулмалар;

4) коопсуз ичүүчү суу – чыгышына жана берилишине карабастан, табигый же кайра иштетүүдөн кийин, микроорганизмдерди жана мите курттарды, ошондой эле адамдын ден соолугуна потенциалдуу коркунуч туудурган ар кандай заттарды камтыбаган жана ичүү, тамак жасоо, тамак-аш азыктарын же адам керектеген заттарды өндүрүү жана гигиеналык процедуралар үчүн арналган суу;

5) суу алуу курулмасы – ичүүчү суу менен камсыздоо булагынан суу алуу үчүн гидротехникалык курулма;

6) суу өткөрүү тармагы – абоненттерди суу менен камсыздоо үчүн арналган түтүк өткөргүчтөрдүн жана алардын курулмаларынын системасы;

7) сууну керектөө – өзүнүн керектөөсүн канааттандыруу үчүн абоненттин сууну пайдалануусу;

8) саркынды сууларды чыгаруу – абоненттерден саркынды сууларды кабыл алууну жана андан ары саркынды сууларды тазалоочу курулмаларга жеткирүүнү камсыз кылуучу технологиялык процесс;

9) саркынды сууларды чыгаруучу тармак – саркынды сууларды чогултуу жана чыгаруу үчүн түтүк өткөргүчтөрдүн, коллекторлордун, каналдардын жана алардын курулмаларынын системасы;

10) мамлекеттик көзөмөл – калкты ичүүчү суу менен камсыздоо жаатындагы ушул Мыйзамдын талаптарынын бузулушун алдын алуу, аныктоо, бөгөт коюу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын иши;

11) ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы – максаттарды, милдеттерди, аныкталган жана кошумча компоненттерди камтыган, ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну белгилүү бир убакытка өнүктүрүүнү аныктоочу, ошондой эле ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын, мамлекеттик, муниципалдык органдардын жана ишканалардын, ошондой эле жеке компаниялардын региондук жана жергиликтүү программаларын, пландык жана программалык-максаттуу документтерин иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналган документ;

12) баланстык таандыктык чеги – ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттерин, анын ичинде суу өткөрүүчү жана саркынды сууларды чыгаруучу тармактарды менчиктин же башка мыйзамдуу негизде ээлик кылуунун белгилери боюнча менчик ээлеринин ортосунда бөлүштүрүү сызыгы;

13) эксплуатациялык жоопкерчилик чеги – ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттерин, анын ичинде суу өткөрүүчү жана саркынды сууларды чыгаруучу тармактарды ичүүчү суу менен камсыздоо келишиминде, саркынды сууларды чыгаруу келишиминде же ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу келишиминде чагылдырылган бул системаларды же тармактарды эксплуатациялоо үчүн жоопкерчилик белгиси боюнча бөлүштүрүү сызыгы;

14) санитардык коргоо зонасы – сууну потенциалдуу кооптуу химиялык, биологиялык заттар, организмдер менен булгануудан коргоонун жана бузулуудан сактоонун өзгөчө коргоо режими белгиленген аймак жана (же) акватория, анда суу менен камсыздоо булагы жана ушул булактан ичүүгө арналган сууну берген суу менен камсыздоо системасынын элементтери бар;

15) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу уюмунун инвестициялык программасы – ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасынын объекттерин куруу, реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча иш-чаралар программасы;

16) ичүүчү суу менен камсыздоо булагы – суулары белгиленген коопсуздук талаптарына жооп берген жана ичүүчү суу менен камсыздоо системаларына алуу үчүн пайдаланылган же пайдаланылышы мүмкүн болгон жер үстүндөгү же жер астындагы суу объекттери (же анын бөлүгү);

17) ичүүчү суунун сапаты жана коопсуздугу – ичүүчү суунун физикалык, химиялык, бактериологиялык, органолептикалык жана башка касиеттерин мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн жыйындысы;

18) локалдуу тазалоочу курулмалар – айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча абоненттин саркынды сууларын борборлоштурулган саркынды сууларды чыгаруу системасына же суу объектине чыгарууга чейин булгоочу заттардын талап кылынган жол берилген чектеги концентрацияларына жеткирип тазалоо үчүн арналган курулмалар жана түзүлүштөр;

19) ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулбаган системасы – бөлүштүрүүчү тармагы жок (шахта жана түтүктүү кудуктар, булак каптаждары) суу алуучу түзүлүштөрдүн жардамы менен сууну жеткирүүчү, жер астындагы булактардан ичүүчү суу менен камсыздоо системасы;

20) сууну жугушсуздандыруу (дезинфекциялоо) – ичүүчү суунун эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылуучу чектерге чейин сууда болгон микроорганизмдерди жок кылуу процесси;

21) ичүүчү суу – ичүү жана коммуналдык-тиричилик максаттар үчүн даярдалгандан кийинки же санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана ченемдер менен белгиленген коопсуздук стандарттарына жана гигиеналык талаптарга жооп берген табигый абалдагы суу;

22) эсептөөчү приборду текшерүү – ченөө каражаттарынын колдонууга жарактуулугун эксперименттик аныкталуучу метрологиялык мүнөздөмөлөрдүн негизинде белгилөө жана алардын техникалык регламенттерде белгиленген же өндүрүүчү-заводдун коштомо документтеринде көрсөтүлгөн милдеттүү талаптарга шайкештигин ырастоо;

23) ичүүчү сууну даярдоо (суу даярдоо) – ичүүчү суунун коопсуздугу боюнча талаптарга ылайык келтирүү үчүн сууну тазалоонун технологиялык процесси;

24) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттеринин ишенимдүүлүгүнүн, сапатынын, энергия натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү – кызмат көрсөтүүчүнүн милдеттенмелеринин аткарылышын, ичүүчү суу менен камсыздоочу жана саркынды сууларды чыгаруучу уюм тарабынан инвестициялык программанын, өндүрүштүк программанын ишке ашырылышын контролдоо, ошондой эле тарифтерди жөнгө салуу максатында колдонулуучу көрсөткүчтөр;

25) суудагы заттардын жол берилген чектеги концентрациясы – көлмөнүн суусундагы зыяндуу заттын өлчөмү (концентрациясы), мында аны белгилүү бир убакыт аралыгында пайдалануу адамдын ден соолугуна, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө терс таасир тийгизбеши керек;

26) заттын жол берилген чектеги төгүлүшү – контролдук пунктта суунун сапатынын ченемдерин камсыз кылуу максатында убакыт бирдигинде суу объектинин ушул пунктунда белгиленген режимге ылайык саркынды суулар менен кошо чыгарууга максималдуу жол берилген заттын массасы;

27) өндүрүштүк контролдоо – адамдардын өмүрүн жана ден соолугун жана айлана-чөйрөнү сактоо максатында юридикалык жана жеке жактар тарабынан ишти жүзөгө ашыруу, адам үчүн потенциалдуу коркунуч туудурган иштерди аткаруу жана кызмат көрсөтүү процессинде уюштурулуучу жана жүргүзүлүүчү санитардык-эпидемияга каршы (профилактикалык) иш-чараларды камсыз кылуу боюнча контролдоо системасы;

28) адистештирилген суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу уюмунун өндүрүштүк программасы – ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүнүн учурдагы (операциялык) ишинин, суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү жөнгө салынуучу иштин түрүнүн программасы;

29) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системасына өз эркинче туташуу (технологиялык туташуу) – ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына жана абоненттин тармактарына туташуу, ал ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына туташуу (технологиялык туташуу) жөнүндө келишим жок болгондо же техникалык шарттарды бузуу менен жүргүзүлөт;

30) өз эркинче пайдалануу – ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу келишими жок болгондо же абоненттин эксплуатациялык жоопкерчилигинде болгон дарбаза клапандарындагы, өрт гидранттарындагы, айланма линияларындагы контролдук пломбалардын сакталышы бузулганда (аларда эсептөөчү приборлору жок болсо) же болбосо абонент суу менен камсыздоо тармагына эсептөө прибору орнотулганга чейин суу өткөрүүчү тармакка кошулганда борборлоштурулган системаны жана кошулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу тармагы аркылуу пайдалануу;

31) суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн өздүк наркы – ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча адистештирилген уюмдун (пландалган жана иш жүзүндөгү) абоненттерди суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу үчүн кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана өндүрүү үчүн зарыл болгон акчалай формадагы жалпы чыгымдары;

32) саркынды суулардын курамы – саркынды суулардын мүнөздөмөсү, анын ичинде булгоочу заттардын тизмеси жана алардын концентрациясы;

33) өлчөөчү каражат (эсепчөөчү прибор) – керектелген ичүүчү суунун жана чыгарылган саркынды суулардын көлөмүн өлчөө үчүн арналган ченемделген метрологиялык мүнөздөмөлөрү бар техникалык каражат;

34) саркынды суулар (саркындылар) – адамдын турмуш-тиричилик жана өндүрүштүк ишинде пайдаланылгандан кийин чыгарылган суу, ошондой эле атмосфералык жаан-чачындар;

35) адистештирилген ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу уюму (кызмат көрсөтүүчү) – Кыргыз Республикасынын аймагында белгиленген тартипте каттоодон өткөн, муниципалдык же мамлекеттик менчикте турган ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган объекттерин эксплуатациялоочу жана объекттердин менчик ээси менен келишимдин негизинде абоненттерге кызмат көрсөтүүчү уюм;

36) техникалык шарттар – ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системасына жана курулмаларына туташуу түйүнүн, туташууга уруксат берилген көлөмдү, курулуш (реконструкциялоо, кайра профилдөө, кайра пландоо) объектин инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына туташтыруу үчүн аткаруу зарыл болгон негизги параметрлерди жана талаптарды аныктоочу, ошондой эле өтүнмө ээсине

ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системасына техникалык шарттардын колдонулуу мөөнөтүнө туташууга кепилдик берүүчү документ;

37) ичүүчү сууну жана саркынды сууларды эсепке алуу – белгилүү бир мезгилге берилген ичүүчү суунун, чыгарылган саркынды суулардын көлөмүн өлчөө каражаттарынын (эсептөөчү приборлорунун) жардамы же эсептөө жолу менен аныктоо;

38) ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системасы – ичүүчү сууну алуу, даярдоо, сактоо, ташуу жана абоненттерге берүү үчүн арналган, технологиялык жактан өз ара байланышкан инженердик курулмалардын комплекси;

39) саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасы – саркынды сууларды кабыл алууга, ташууга, тазалоого жана суу объекттерине чыгарууга арналган технологиялык жактан өз ара байланышкан инженердик курулмалардын комплекси.

## 3-берене. Мамлекеттик саясаттын милдеттери

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу жаатындагы мамлекеттик саясаттын максаттары төмөнкүдөй болуп саналат:

1) адамдын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү алууга укуктарын ишке ашыруу максатында кызмат көрсөтүүлөр менен жалпы камтууну камсыз кылуу;

2) айлана-чөйрөгө, анын ичинде суу объекттерине терс таасирин азайтуу жана саркынды сууларды тазалоонун сапатын жогорулатуу аркылуу адамдын ден соолугун сактоону, айлана-чөйрөнү коргоону камсыз кылуу;

3) суу ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу;

4) натыйжалуу, ыкчам, туруктуу, жеткиликтүү, ишенимдүү жана коопсуз ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызматтарды көрсөтүү;

5) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу;

6) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүдө жарандык коомдун жана жеке сектордун ролун көтөрүү;

7) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууну секторуна мамлекеттик жана жеке инвестицияларга дем берүү;

8) ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгаруу өнүктүрүү үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүү;

9) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун туруктуулугуна мамлекеттик кепилдиктерди белгилөө;

10) сууну үнөмдүү керектөөнү камсыз кылуу жана ага дем берүү.

**4-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери**

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) калкты ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн артыкчылыктуулугу;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн коопсуздугу;

3) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларынын стратегиялык мааниси;

4) абоненттердин суу менен камсыздоого жана саркынды сууларды чыгарууга бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

5) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү тарифтерди экономикалык жактан негизделген чыгымдардын жана пайданын же ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу тармагында иштеген уюмдардын салган капиталынан түшкөн кирешенин негизинде белгилөө;

6) суу ресурстарын оптималдуу пайдалануу жана суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу тармактарындагы коромжуларды азайтуу аркылуу ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануунун туруктуулугу жана натыйжалуулугу;

7) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн туруктуулугу жана энергетикалык натыйжалуулугу, ошондой эле энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдаланууну илгерилетүү;

8) менчиктин жана башкаруунун ар түрдүү формалары, анын ичинде мамлекеттик-жеке өнөктөштүк;

9) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө ишкердикти жүргүзүү үчүн туруктуу жана басмырлоосуз шарттарды камсыз кылуу;

10) ичүүчү суу менен камсыздоочу жана саркынды сууларды чыгаруучу уюмдардын, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин ачыктыгы.

**5-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча мамлекеттик кепилдиктер**

Мамлекет ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү үчүн шарттарды түзөт, керектөөчүлөрдү

коопсуздуктун, сапаттын жана көлөмдүн белгиленген стандарттарына жооп берген ичүүчү суу менен, ошондой эле саркынды сууларды чыгаруу системалары менен камсыз кылууга кепилдик берет.

Керектөөчүлөрдүн ичүүчү сууга жана саркынды сууларды чыгарууга болгон муктаждыктары ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган же борборлоштурулбаган системаларын артыкчылыктуу өнүктүрүүгө багытталган чаралар, ошондой эле алар мамлекеттик колдоо чаралары менен камсыз кылынат. Мамлекет коомдук жайларда коопсуз ичүүчү сууга жана саркынды сууларды чыгарууга болгон укуктардын кепилдиктерин камсыз кылат.

Ичүүчү суу менен камсыз кылуу системасынын иштешинин бузулушу абоненттерди ичүүчү суу менен камсыздоонун бузулушуна жана суунун сапатынын жана коопсуздугунун шайкеш эместигине алып келген учурларда аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, системалардын менчик ээлери жана кызмат көрсөтүүчүлөр өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында резервдик булактарды, сууну тиричиликтик жана жамааттык тазалоонун жана зыянсыздандыруунун техникалык каражаттарын пайдалануу менен, ошондой эле ичүүчү сууну транспорт каражаттары менен ташуу аркылуу мындай кырдаалдар үчүн ичүүчү сууну пайдалануунун ченемдеринде белгиленген санда жана мөөнөттө абоненттерди ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган же борборлоштурулбаган системаларынын иштешин бузуу менен байланышкан кырдаалдарда көрүлүүчү чаралар тиешелүү айылдык аймактын же шаардын керектөөчүлөрүн ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча иш планы менен аныкталат.

## 2-глава. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруу

### 6-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктары

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу жаатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин актыларынын аткарылышын камсыз кылат;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу жаатында улуттук программаларды иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Президентинин бекитүүсүнө киргизет жана алардын аткарылышын камсыздайт;

3) баа, тариф, инвестициялык, тышкы экономикалык саясатты ишке ашырууну камсыз кылат;

4) жаратылышты коргоо, экологиялык коопсуздук жана жаратылышты пайдалануу, жер ресурстарын башкаруу жана жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө; архитектура, шаар куруу жана курулуш иштери жана башка чөйрөлөрдө бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашырууну камсыз кылат;

5) менчиктин бардык формаларын өнүктүрүү жана аларды коргоо үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу боюнча чараларды көрөт;

6) жалпы мамлекеттик программаларды иштеп чыгат, бекитет жана алардын аткарылышын камсыз кылат;

7) техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндө ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат; ата мекендик товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо боюнча чараларды көрөт;

8) монополияга каршы жана атаандаштыктын бирдиктүү саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат;

9) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын пайдалануунун типтүү эрежелерин, ичүүчү суу менен камсыздоонун типтүү келишимин жана саркынды сууларды чыгаруунун типтүү келишимин, ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун типтүү келишимин, ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларына кошуу (технологиялык туташтыруу) жөнүндө типтүү келишимди бекитет;

10) ичүүчү суунун сапатына ченемдик талаптарды бекитет;

11) саркынды сууларды чыгаруу системасына саркынды сууларды кабыл алуу эрежелерин бекитет;

12) ичүүчү сууну жана саркынды сууларды эсепке алуу эрежелерин бекитет;

13) ичүүчү суу менен камсыздоо системаларынан ичүүчү суунун коромжу ченемдерин жана эсептелбеген чыгымдарын аныктоонун тартибин бекитет;

14) ичүүчү суунун сапатын өндүрүштүк контролдоо тартибин бекитет;

15) саркынды суулардын курамына жана касиеттерине мониторинг жүргүзүү тартибин бекитет;

16) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө инвестицияланган капиталдын өлчөмүн аныктоо эрежелерин жана инвестициялык капиталдын эсебин жүргүзүү эрежелерин бекитет;

17) инвестицияланган капиталдын кирешелүүлүгүнүн ченемин эсептөө эрежелерин бекитет.

**7-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары**

1. Мамлекеттик органдардын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу жана жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана аларды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бекитүүгө киргизүү;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө колдонуудагы ченемдик техникалык документтердин ченемдерин иштеп чыгуу жана түзөтүү;

3) Кыргыз Республикасынын калкын ичүүчү суу жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;

4) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын өнүктүрүү боюнча максаттуу мамлекеттик жана региондук программаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;

5) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттеринин абалын жакшыртуунун экономикалык механизмин иштеп чыгуу жана өркүндөтүү;

6) республикалык бюджеттин, бюджеттен тышкаркы каражаттардын жана эл аралык донордук уюмдардын каражаттарынын эсебинен ишке ашырылуучу ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө долбоорлорду координациялоо;

7) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүлөр үчүн адистерди даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу;

8) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жана ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттеринин ишенимдүүлүгүнүн, сапатынын, энергиялык натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүнүн тизмесин, алардын пландуу маанилерин жана иш жүзүндөгү маанилерин аныктоо тартибин жана эрежелерин иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бекитүүгө киргизүү;

9) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларына техникалык текшерүү жүргүзүүнүн тартибин, анын ичинде ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттеринин, ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулбаган системаларынын объекттеринин физикалык эскиришинин жана энергиянын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн кошо алганда ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларынын техникалык-экономикалык абалынын көрсөткүчтөрүн аныктоо жана мындай

көрсөткүчтөргө мониторинг жүргүзүүнүн тартибин иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бекитүүгө киргизүү;

10) мониторинг жана баалоо жүргүзүү тартибин, ошондой эле мониторинг жүргүзүү индикаторун иштеп чыгуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бекитүүгө киргизүү;

11) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдүн реестрин жүргүзүү.

2. Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө монополияга каршы жана атаандаштык саясатын жүргүзүүдөгү ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди макулдашуу;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдүн инженердик тармактарына туташууга тарифтерди макулдашуу;

3) Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарына ылайык ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишине мамлекеттик контролдоону жүзөгө ашыруу;

4) Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктар.

3. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууну уюштуруу процессинде аткаруу бийлигинин санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө мамлекеттик органдарынын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууга катышуу;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын долбоорлоодо, куруууда жана пайдаланууда талаптардын аткарылышына, санитардык коргоо зоналарында ичүүчү суу менен камсыздоо булактарынын, суу өткөргүч курулмаларынын жана суу өткөргүчтөрдүн булганышын алдын алуу жана жоюу боюнча зарыл иш-чараларды жүргүзүүгө мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

3) ичүүгө арналган суу өткөргүч курулмаларынын жана суу өткөргүчтөрүнүн ичүүчү суу менен камсыздоо булактарынын санитардык коргоо зоналарынын укуктук режимин белгилөө;

4) ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган системаларында ичүүчү суунун сапатына мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

5) белгиленген талаптарга ылайык ичүүчү суунун сапатын жана коопсуздугун контролдоону өркүндөтүү;

6) ичүүчү суунун сапатын жакшыртуу максатында илимий изилдөөлөрдүн жана технологияларды иштеп чыгуунун жыйынтыктарын пайдаланууну координациялоо, жайылтуу жана ага көмөктөшүү;

7) ичүүчү сууну өндүрүүдө жана тазалоодо жаңы химиялык заттарды, каражаттарды жана методдорду макулдашууга катышуу;

8) калкты ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;

9) ичүүчү суунун коопсуздугун камсыз кылуу жана анын сапатын жакшыртуу боюнча максаттуу мамлекеттик, мамлекеттер аралык программаларды иштеп чыгууга катышуу;

10) ичүүчү суунун жана суу менен камсыздоо булактарынын коопсуздугунун жана зыянсыздыгынын критерийлерин, ошондой эле чарбалык жана ичүүчү суу менен камсыздоо системаларына, материалдарга, реагенттерге, жабдууларга, түзүлүштөргө карата санитардык-гигиеналык жана эпидемиологиялык талаптарды белгилеген ченемдерди иштеп чыгуу, бекитүү жана ишке киргизүү;

11) суу менен камсыздоонун борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган системаларынын ичүүчү суунун сапаты жана коопсуздугунун маалыматтар базасын жүргүзүү жана гигиеналык мониторингди жүзөгө ашыруу.

4. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууну уюштуруу процессинде жаратылышты коргоону, экологиялык коопсуздукту жана жаратылышты пайдаланууну камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) сууну коргоо мыйзамдарынын талаптарын, суу менен камсыздоо булактарынын жана саркынды сууларды чыгаруу объекттеринин санитардык-коргоо зоналарынын режимин сактоого мамлекеттик контролду уюштуруу жана жүзөгө ашыруу, суу ресурстарынын булганышын, азайышын алдын алуу жана жоюу, аларды сарамжалдуу пайдалануу боюнча чараларды көрүү;

2) айлана-чөйрөгө, анын ичинде суу объекттерине саркынды сууларды агызууну жөнгө салуу жана контролдоо;

3) суу объекттерине тийгизген таасири менен байланышкан чарбалык же башка иштерге экологиялык талаптарды белгилөө;

4) айлана-чөйрөгө булгоочу заттарды чыгаруу үчүн төлөмдөрдүн ченемдерин жөнгө салуу жана контролдоо;

5) айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык долбоордук жана башка документтерге мамлекеттик экологиялык экспертиза жүргүзүү;

6) экологиялык укук бузууларды жана аларды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик чараларын белгилөө;

7) суу объекттерине агызууга тыюу салынган кооптуу заттардын тизмесин даярдоо жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине киргизүү;

8) айлана-чөйрөгө булгоочу заттарды чыгарууга уруксаттарды берүү;

9) айлана-чөйрөгө булгоочу заттарды чыгарууга уруксаттарды токтото туруу, жокко чыгаруу же өзгөртүү;

10) суу ресурстарынын булганышына, тазалоочу курулмалардын иштешинин натыйжалуулугуна мониторингди уюштуруу жана жүргүзүү;

11) жер астындагы таза суулардын запастарын мамлекеттик эсепке алуу;

12) жер астындагы сууларды азайып кетүүдөн жана булгануудан коргоону мамлекеттик контролдоо;

13) режимине жана сапатына системалуу байкоо жүргүзүүнүн негизинде жер астындагы тузсуз суулардын абалына мониторинг жүргүзүү;

14) мамлекеттик суу кадастрын жана суу алуучу курулмалардын мамлекеттик реестрин жүргүзүү (жер астындагы суулар боюнча);

15) жер астындагы тузсуз сууларды пайдаланууга жана коргоого байланышкан долбоорлорго экспертиза жүргүзүү жана жер астындагы сууларга тиешелүү башка суу чарба маселелерин чечүүгө катышуу.

**8-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары**

Калктуу конуштарды ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

1) калкты коопсуз ичүүчү суу жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрү менен камсыз кылуу;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүнү тандоо жана аны менен келишимдерди түзүү;

3) кызмат көрсөтүүчү менен келишимдердин аткарылышын контролдоо;

4) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын өнүктүрүү боюнча башкы схемаларды, максаттуу программаларды жана иш-чаралардын пландарын пландаштыруу документтеринин курамында иштеп чыгуу жана бекитүү;

5) суу менен камсыздоо булактарынын болушу жана алардын абалы, калктын керектүү өлчөмдөгү жана сапаттагы ичүүчү сууга болгон керектөөлөрүн канааттандыруу мүмкүнчүлүгү, ичүүчү суу менен камсыздоо системаларынын ишенимдүүлүгү жөнүндө маалыматтарды эсепке алуу жана баалоо;

6) санитардык коргоо зоналарын уюштуруу жана ичүүчү суу менен камсыздоо булактарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларды өткөрүү;

7) калкты суу менен камсыздоо, ичүүчү суунун сапатын жакшыртуу жана контролдоо боюнча иштерди пландоо, каржылоо, материалдык-техникалык жактан камсыздоо;

8) тазалоочу курулмалардын жана саркынды сууларды чыгаруу системаларынын абалы, саркынды сууларды чыгаруу системаларына туташууга калктын муктаждыгын канааттандыруу мүмкүнчүлүгү, саркынды сууларды чыгаруу системаларынын ишенимдүүлүгү жөнүндө маалыматтарды эсепке алуу жана баалоо;

9) саркынды сууларды чыгаруу системаларын жана объекттерин санитардык коргоо зонасын уюштуруу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

10) саркынды сууларды чыгаруу системаларына жана айлана-чөйрөгө чыгарылган саркынды сууларды тазалоону жакшыртуу жана сапатын контролдоо боюнча иштерди пландоо, каржылоо, материалдык-техникалык камсыздоо;

11) ичүүчү сууну сарптоону жана саркындыларды эсепке алуу;

12) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын пайдалануунун жергиликтүү эрежелерин бекитүү;

13) саркынды сууларды чыгаруу системаларына саркынды сууларды кабыл алуунун жергиликтүү эрежелерин бекитүү;

14) кабыл алынган курулуш ченемдеринин же экономикалык жактан негизделген эсептөөлөрдүн негизинде тиешелүү аймактагы калк үчүн сууну керектөөнүн жана саркынды сууларды агызуунун ченемдерин бекитүү;

15) санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын лабораториялык изилдөөсүнүн протоколдорунун негизинде ичүүчү сууну берүүнү убактылуу токтотуу;

16) тиешелүү аймакта сууну коргоо иш-чараларын аткарууну уюштуруу жана контролдоо, ичүүчү суу менен камсыздоо булактарынын, суу түтүктөрүнүн курулмаларын жана суу түтүктөрүн санитардык коргоо зоналарынын режимдерин бузуу учурларын болтурбоо боюнча чараларды көрүү;

17) санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча өзгөчө кырдаалдарда (табигый кырсык, суу менен камсыздоо булактарында суунун булгануусунун коркунучтуу деңгээлдерин табуу) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын эксплуатациялоонун мүмкүнчүлүгү жана шарттары жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

18) калкты ичүүчү суунун сапаты, аны сарптоо ченемдери жана үнөмдөө ыкмалары, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын пайдалануу жана ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөргө төлөө тартиби жөнүндө маалымдоо;

19) монополияга каршы мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча борборлоштурулган ичүүчү суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарына жана борборлоштурулган ичүүчү суу менен жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүчүлөрүнүн инженердик тармактарына туташуу үчүн тарифтерди бекитүү, ошондой эле калкты ичүүчү суу менен жабдууга жана саркынды сууларды чыгарууга бекитилген тарифтер жөнүндө маалымдоо;

20) борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарынын көрсөтүүлөрүнүн сапатына абоненттердин кайрылууларын жана даттанууларын кароо;

21) тиешелүү аймактагы ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларды бекитүү (кабыл алуу).

## 3-глава. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү өнүктүрүүнүн мамлекеттик жана жергиликтүү программалары

### 9-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик программа

1. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу функцияларын жүзөгө ашыруучу ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү мамлекеттик программасынын иштелип чыгышын координациялоону жана методикалык жактан камсыздоону камсыз кылат.

2. Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү мамлекеттик программасы төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) максаттарды, милдеттерди жана күтүлгөн натыйжаларды;

2) программаны ишке ашыруунун мөөнөттөрүн жана этаптарын;

3) программаны ишке ашыруу мезгилине иш-чаралардын планын, анын ичинде милдеттерди, иш-чараларды, индикаторлорду, каржылоо булактарын, жооптуу аткаруучуларды, күтүлгөн натыйжаларды;

4) каржылоо булактарын;

5) климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча чараларды;

6) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларынын учурдагы жалпы абалына баа берүүнү жана талап кылынган инвестициялардын көлөмүн, анын ичинде жаңы объекттерди курууга, колдонуудагы ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын реабилитациялоого жана реконструкциялоого капиталдык чыгымдарды аныктоону;

7) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүнө биринчи кезектеги артыкчылыктуу инвестициялардын тизмесин;

8) инфраструктурага, анын ичинде суу алуучу курулмаларга, суу даярдоочу станцияларга, суу өткөрүү жана саркынды сууларды чыгаруу тармактарына, саркынды сууларды тазалоочу курулмаларга жана башкаларга артыкчылыктуу инвестицияларды аныктоону;

9) улуттук жана жергиликтүү деңгээлде адам ресурстарын өнүктүрүүнү, окутууну жана потенциалын жогорулатууну;

10) инвестицияларга болгон башка керектөөлөрдү (лабораториялык, техникалык жана башка жабдууларга) аныктоону;

11) мониторинг жүргүзүү жана отчеттуулук талаптарын.

3. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашырууга мониторинг жүргүзөт жана программанын аткарылышы жөнүндө отчетту Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине берет.

Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашыруунун жүрүшү жана натыйжалары жөнүндө маалымат ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтында жайгаштырылууга тийиш.

**10-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүүнүн региондук жана жергиликтүү программалары**

1. Тиешелүү райондун аймагындагы жергиликтүү мамлекеттик администрация районду социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгат жана райондук кеңештин бекитүүсүнө киргизет. Районду социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасында районду ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча бөлүм камтылууга тийиш. Райондун ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча бөлүм төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) тиешелүү районду ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларынын учурдагы абалына баа берүүнү;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө жетүүнү камсыз кылуу үчүн чараларды;

3) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртууга;

4) кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишин талдоо жана алардын натыйжалуулугун жогорулатуу чаралары;

5) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу инфраструктурасына артыкчылыктуу инвестицияларды;

6) каржылоо булактарын.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жергиликтүү программаларын иштеп чыгат жана бекитет. Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүүнүн инвестициялык долбоорлоруна камтылышы мүмкүн.

3. Инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн негиз болуп төмөнкүлөрдү эске алуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы бекиткен техникалык тапшырма эсептелет:

1) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын техникалык текшерүүнү;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу схемаларын;

3) долбоордон пайда көрүүчү керектөөчүлөрдү максималдуу камтууну;

4) ичүүчү суу менен камсыздоонун коопсуздугун;

5) ишенимдүүлүктүн, натыйжалуулуктун, жоготуулардын жана агып кетүүлөрдүн көрсөткүчтөрүн;

6) кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын;

7) зыяндуу калдыктарды азайтууну, айлана-чөйрөнү коргоого байланыштуу иш-чаралардын экологиялык натыйжалуулугун жогорулатууну;

8) климаттын өзгөрүшүнө, калктын санынын өсүшүнө, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө байланыштуу суроо-талаптын жогорулашын жана таасирин эске алуу менен ичүүчү суу менен камсыздоонун жаңы булактарын издөө, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын курууну.

## 4-глава. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун тартиби

### 11-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун тартиби

Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу келишимдеринин негизинде жүзөгө ашырылат. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулбаган системаларын пайдалануу аркылуу ичүүчү суу менен камсыздоо суу менен камсыздоо системасынын менчик ээлери менен түзүлгөн келишимдин негизинде ишке ашырылат. Керектөөчүлөрдү ичүүчү суу менен камсыздоо алардын өз ара мамилелеринин негизи болуп саналган Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин жана ушул мыйзамдын жоболоруна ылайык

түзүлгөн ачык келишимдердин негизинде кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан ишке ашырылат. Ачык келишимде келишимдин предмети – керектөөчүгө ичүүчү сууну үзгүлтүксүз камсыздоо каралат.

Талап кылынган суунун өлчөмү эсепке алуу приборлору боюнча аныкталат. Эгерде ичүүчү суу менен камсыздоо жана (же) саркынды сууларды чыгаруу келишимдеринде, ошондой эле кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн башка келишимдерде башкача каралбаса, эсепке алуу приборлору абонент же кызмат көрсөтүүчү тарабынан тармактардын баланстык таандыгынын чегинде же абоненттин эксплуатациялык жоопкерчилигинин чектеринде жайгаштырылат. Кызмат көрсөтүүчүнүн эсебинен орнотулган эсепке алуу приборлору ичүүчү суу менен камсыздоо системасынын бөлүгү болуп саналат жана муниципалдык менчикке өткөрүлөт.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системасынан ичүүчү сууну пайдалануучу, ошондой эле саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасынан саркынды сууларды агызуучу абоненттер суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу келишимдерин тиешелүү кызмат көрсөтүүчүлөр менен түзүүгө милдеттүү.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана (же) саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчү объекттери ичүүчү суу менен камсыздоонун жана (же) саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларына туташтырылган (технологиялык жактан туташтырылган), инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына туташуу үчүн жана бул кызмат көрсөтүүчү менен тиешелүү келишими жок абоненттерге Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык ичүүчү суу менен камсыздоо жана (же) саркынды сууларды чыгаруу келишимдерин түзүү боюнча сунуштарды жөнөтүүгө милдеттүү. Абонент келишимди түзүү жөнүндө сунушту алган күндөн тартып 30 күндүн ичинде кызмат көрсөтүүчү менен аталган келишимди түзүүгө же кызмат көрсөтүүчүгө мындай келишимди түзүүдөн жазуу жүзүндө баш тартууну берүүгө милдеттүү. Эгерде бул мөөнөт өткөндөн кийин абонент аталган келишимге кол койбосо же келишим түзүүдөн баш тартса, кызмат көрсөтүүчү сотко Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине ылайык келишим түзүүгө мажбурлоо жөнүндө талап менен кайрылууга укуктуу.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын пайдалануу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан бекитилүүчү ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын пайдалануу эрежелерине ылайык жүзөгө ашырылат. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системасы жок болгон учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулбаган системасын пайдалануу менен тиешелүү аймакта борборлоштурулбаган ичүүчү суу менен камсыздоону жана ичүүчү сууну ташып келүүнү уюштурат.

**12-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларына объекттерди туташтыруу (технологиялык кошуу)**

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларына объекттерди туташтыруу (технологиялык коштуруу) үчүн арыздын негизинде, ушул Мыйзамда каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын пайдалануу эрежелери менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жөнүндө мыйзамдары менен ишке ашырылат.

Туташуу келишимин түзүү жөнүндө арыз менен кызмат көрсөтүүчүгө кайрылган адамдар, анын ичинде туташууну пландап жаткан куруучулар туташуу келишимдерин түзүшөт жана туташуу акысын төлөшөт. Туташуу жөнүндө келишим ачык келишим болуп саналат.

Туташуу үчүн техникалык мүмкүнчүлүк болгон учурда жана ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу үчүн керектүү бош кубаттуулук болгондо, кызмат көрсөтүүчү арыз берүүчүгө туташуу жөнүндө келишимди түзүүдөн баш тартууга укугу жок.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системасына туташтырылганда курдуруучу сертификатталган ичүүчү сууну эсептегичти орнотууга милдеттүү. Жабдуучу туташуу акысын жергиликтүү кеңеш менен бекитилген туташуу тарифтеринин негизинде эсептейт. Өтүнмө ээсинен туташууга байланыштуу башка төлөмдөрдү кызмат көрсөтүүчүнүн алуусуна жол берилбейт.

**13-берене. Ичүүчү сууну жана саркынды сууларды эсепке алуу**

1. Ичүүчү сууну эсепке алуу эсепке алуу приборлорунун көрсөткүчтөрүнө ылайык жүргүзүлүүгө тийиш. Калк арасында эсепке алуу приборлору жок болгон учурларда сууну эсепке алуу приборлору орнотулганга чейин керектөөчүлөр үчүн белгиленген сууну сарптоо ченемдерине ылайык жол берилет.

Саркынды сууларды эсепке алуу эсептөөчү приборлордун көрсөткүчтөрү боюнча жүргүзүлөт, саркынды сууларды эсепке алуу прибору жок болгон учурда саркынды суулардын көлөмү ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системасынан келген ичүүчү суунун көлөмү боюнча сууну эсепке алуу приборунун көрсөтүүлөрү боюнча аныкталат.

2. Ичүүчү суу менен камсыздоо системасына жаңы абоненттерди туташтыруу сууну эсептөөчү приборлорсуз жол берилбейт. Эсептөөчү приборлорду орнотуу, алмаштыруу, эксплуатациялоо, текшерүү Кыргыз

Республикасынын Министрлер Кабинети же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан бекитилген ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын пайдалануу эрежелерине ылайык ишке ашырылат.

3. Абоненттер эсептөөчү приборлорго пломба коюу, эксплуатациялоо жана көрсөткүчтөрүн алуу үчүн ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүчүнүн өкүлдөрүнүн эсептөөчү приборлорго жетүүсүн камсыз кылууга милдеттүү.

4. Ичүүчү сууну жана саркындыларды эсепке алуу ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын пайдалануу эрежелеринде аныкталган эсептөө ыкмалары менен жүргүзүлөт:

1) эсептөөчү прибор жок болгон учурда, ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларына өз билемдик менен туташканда же пайдаланганда;

2) эсептөөчү прибор бузук болгон учурда.

**14-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүнүн стандарттары**

1. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө керектөөчүлөрдүн сапаттуу жана бирдей жетүүсүн камсыз кылуунун жалпы ыкмаларын аныктоо максатында иштелип чыгат.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бекитилет.

2. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) суу менен камсыздоонун үзгүлтүксүздүгүнө, суу берүүнү үзгүлтүккө учуратууга, алдын алуу жана реактивдүү тармактык операцияларга, берүүчүлөрдүн сигналдарга чара көрүүсүнө карата минималдуу талаптарды;

2) калкка маалымат берүүнү, чогулуштарды/кеңешмелерди уюштурууну, кардарлар/керектөөчүлөр жана алардын ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүчүлөр менен өз ара мамилелери үчүн консультациялык комиссияларды түзүүнү;

3) жаңы кардарларды колдонуудагы суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларына туташтырууну;

4) суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун керектелүүчү кызмат көрсөтүүлөрүн эсепке алууну, анын ичинде суу өткөрүүчү жерлерге эсептегичтерди орнотууга, текшерүүгө жана алмаштырууга, керектелүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү өлчөөгө, эсептегич жок болгон учурда керектөөнүн жалпы ченемдерине, көп батирлүү турак үйлөрдө

керектөөнү эсепке алууга жана бөлүштүрүүгө, суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрү үчүн эсептерди коюуга, төлөө шарттарына жана төлөнбөгөн учурда көрүлүүчү чараларга карата талаптарды.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары төмөнкүлөрдү бекитет:

1) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө кошумча талаптарды;

2) берүүчүлөрдү конкурстук тандоо өткөрүү тартибин;

3) белгиленген курулуш ченемдерине ылайык жакшыртуу даражасына жараша сууну керектөөнүн жана саркынды сууларды чыгаруунун жергиликтүү ченемдерин.

**15-берене. Өрт өчүрүү муктаждыктары үчүн же өзгөчө кырдаалдарда ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын пайдалануу**

1. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүчү ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча кызматтарды көрсөтүүгө жана пайдаланылган суунун өлчөмү үчүн төмөнкү учурларда акы албайт:

1) өрт өчүрүүдө же өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюуда;

2) жогоруда көрсөтүлгөн максаттар үчүн суунун запастарын түзүүдө.

2. Өрт өчүрүү муктаждыктары же өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу үчүн атайын арналган, ичүү багытындагы системаларда жайгашкан өрткө каршы гидранттардан ичүүчү сууну башка максаттарда пайдаланууга тыюу салынат.

**16-берене. Өзгөчө кырдаалдар келип чыккан учурда суу менен камсыздоо**

1. Өзгөчө кырдаалдар келип чыккан учурда (суу менен камсыздоо булактарынын жогорку деңгээлде булганышы, авариялардын, катастрофалардын же табигый кырсыктардын кесепетинен суу түтүктөрүнүн системаларынын, сууну тазалоо жана жугушсуздандыруу системаларынын бузулушу) коопсуздукка жана зыянсыздыкка карата гигиеналык талаптарга ылайык келген ичүүчү суу менен калкты камсыз кылуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жетекчилеринин жоопкерчилиги болуп саналат.

2. Бул максатта мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарды болжолдоонун жыйынтыгынын негизинде суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системалары бар калктуу конуштар үчүн төмөнкүлөрдү камтыган чарбалык-ичүүчү суу менен камсыздоо долбоорлору, ошондой эле өзгөчө

кырдаалдарда калкты ичүүчү суу менен камсыздоо боюнча пландар түзүлүүгө жана ишке ашырылууга тийиш:

1) жергиликтүү шарттарды эске алуу менен өзгөчө кырдаалдын келип чыгышы жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн критерийлерди белгилөө;

2) өзгөчө кырдаалдар келип чыкканда жана анын кесепеттерин жоюу учурунда ичүүчү сууга зарыл болгон микробиологиялык жана санитардык-токсикологиялык изилдөөлөрдү шашылыш түрдө жүргүзүүнү камсыз кылуу;

3) микробиологиялык жана биологиялык көрсөткүчтөр боюнча суунун коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү;

4) өзгөчө кырдаалды киргизүү фактысы жөнүндө калкка кабарлоо жана аны ичүүчү суунун сапаты жөнүндө ыкчам маалымат менен камсыз кылуу;

5) суу менен камсыздоо булактарынын булгануу деңгээли жогорку болгон учурда сууну кошумча тазалоо жана жугушсуздандыруу үчүн суу түтүктөрүн тазалоочу курулмалардын резервдик кубаттуулугун түзүү;

6) калкты ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн суу менен камсыздоонун кошумча альтернативдүү булактарын жана резервдик суу алгычтарды табуу;

7) атайын сыйымдуулуктарда ичүүчү суунун резервдик запастарын түзүү жана жаңыртуу;

8) сууну тазалоонун жана жугушсуздандыруунун жеке тиричилик жана топтук технологиялык каражаттарынын, ошондой эле бөтөлкөдөгү ичүүчү суунун запастарын түзүү;

9) чарбалык-ичүүчү суу менен камсыздоо системасындагы бузулууларды кыска мөөнөттө калыбына келтирүү үчүн материалдардын жана жабдуулардын запастарын түзүү;

10) темир жол, автомобиль жана транспорттун башка түрлөрү менен өзгөчө кырдаалдар зоналарына ичүүчү сууну жеткирүүнү уюштуруу;

11) өзгөчө кырдаалдарда калкты ичүүчү суу менен камсыздоо жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча жергиликтүү шарттарды эске алуу менен башка чараларды колдонуу.

3. Өзгөчө кырдаалдарда калкты ичүүчү суу менен камсыздоого чыгымдарды каржылоо мамлекеттик, жергиликтүү бюджеттердин, бюджеттик мыйзамдарда тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

**17-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну убактылуу токтотуу же чектөө**

1. Берүүчү ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну бир убакта кабарлоо менен төмөнкү учурларда убактылуу токтотууга жана чектөөгө укуктуу:

1) ичүүчү суу менен камсыздоонун же саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларында авариянын келип чыгышынан улам;

2) ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системасынын суу алгычтарына жана (же) насостук станцияларына электр энергиясын берүүнү авариялык токтотууда;

3) ичүүчү суунун, анын ичинде ичүүчү суу менен камсыздоо булактарындагы суунун сапатынын олуттуу начарлашынан улам. Ичүүчү суунун сапатынын олуттуу начарлашынын критерийлери санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет;

4) өрт чыккан жерлерге суу берүүнү көбөйтүү зарыл болгон учурда;

5) агызууга тыюу салынган заттарды, материалдарды, калдыктарды же саркынды сууларды саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына агызганда.

2. Берүүчү төмөнкү учурларда пландалган токтотууга же чектөөгө бир сутка калганда абонентке алдын ала кабарлоо менен айрым абоненттерге ичүүчү сууну берүүнү жана (же) саркындыларды кабыл алууну төмөнкү учурларда убактылуу же биротоло токтото алат:

1) абоненттин эки же андан ашык эсептик мезгилге ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу келишими боюнча акы төлөөгө карызы болсо;

2) берүүчүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн эсептөөчү приборун кароо үчүн тоскоолдуксуз кирүүсүн камсыз кылбоо же сарпталуучу сууну жана чыгарылуучу саркынды сууларды эсепке алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды берүүдөн баш тартуу;

3) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларына курулуш объекттерин туташтыруу боюнча иштерди жүргүзүү;

4) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларына пландуу оңдоону жүргүзүү;

5) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларына өз билемдик менен туташуу;

6) абоненттин суу өткөрүүчү жана (же) саркынды сууларды чыгаруучу тармактарынын авариялык абалда болушу;

7) сууну керектөөнүн белгиленген лимитинен ашкан учурда тээктерди жөнгө салуу жана пломбаларды орнотуу үчүн киргизүүдөн баш тартуу;

8) орнотулган сууну керектөөчү эсептегич абонент тарабынан бузулганда;

9) ушул Мыйзамды жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан бекитилген ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу эрежелерин бузууларды четтетүү жөнүндө берүүчүнүн жазма буйруктарын аткарбоо.

## 5-глава. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын пландоо жана өнүктүрүү

### 18-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системалары

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системалары мамлекеттик же муниципалдык менчикте болушу мүмкүн.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын өнүктүрүү программалары тиешелүү аймактарды (айыл аймагын, шаарды, районду, облусту, республиканы) социалдык-экономикалык өнүктүрүү пландарынын ажырагыс курамдык бөлүктөрү болуп саналат.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик программаны ишке ашыруунун алкагында республикалык бюджеттин жана эл аралык уюмдардан алынган финансылык каражаттардын эсебинен курулган же калыбына келтирилген ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системалары муниципалдык менчик чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилет.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын эксплуатациялоо системалардын менчик ээлери менен түзүлгөн келишимдердин негизинде берүүчүлөр тарабынан ишке ашырылат.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын эксплуатациялоочу берүүчүлөр ичүүчү суунун жана саркынды суулардын сапаттык жана гигиеналык талаптарга шайкештигин камсыз кылуу үчүн ичүүчү сууну чыгаруу жана саркынды сууларды тазалоо боюнча технологиялык регламенттин бардык талаптарын сактоого милдеттүү.

### 19-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын пландоо, куруу жана реконструкциялоо

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын менчик ээси аларды долбоорлоону, курууну, реконструкциялоону, өнүктүрүүнү каржылайт жана ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларынын ал тейлеген калктуу конуштун калкынын керектөөлөрүнө ылайык келиши, ошондой эле бул системаларды эксплуатациялоону камсыз кылуу, оңдоо-калыбына келтирүү иштерин өз убагында жүргүзүү, эксплуатациялоонун

өзгөрүүчү шарттарына ылайык алардын иштөө жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн системаларды өнүктүрүү жана реконструкциялоо үчүн жоопкерчилик тартат.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын долбоорлоо, куруу жана реконструкциялоо калктуу конуштардын башкы пландарынын эсептик көрсөткүчтөрүнө, аймактарды өнүктүрүү схемаларына, курулуш ченемдерине жана эрежелерине, стандарттарына, атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар бекиткен санитардык жана экологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык ишке ашырылат.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун долбоорлонуучу борборлоштурулган системасы, анын курулмаларынын жана жабдууларынын комплекси, реагенттер жана сууну иштетүү технологиясы сууну максималдуу керектөө шартында жана суу менен камсыздоо булактарында пайдаланылуучу суунун сезондук сапаты начар болгондо керектүү көлөмдө жана талап кылынган сапатта ичүүчү сууну казып чыгарууну, бөлүштүрүүнү жана керектөөчүлөргө берүүнү камсыз кылууга тийиш. Мында суу менен камсыздоо булагынын суу жыйноочу аймагын курчап турган чөйрөнүн табигый жана антропогендик факторлорунун таасиринин натыйжасында ичүүчү суунун сапатынын мүмкүн болуучу өзгөрүүсүн болжолдоонун маалыматтары жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө жана мамлекеттик экологиялык контролдоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдардын талаптары эске алынууга тийиш.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системалары үчүн суу менен камсыздоо булактарын тандоодо ичүүчү суунун коопсуздугунун кепилдиктерин жогорулатуу максатында жер астындагы булактарга артыкчылык берилиши керек.

Саркынды сууларды чыгаруунун долбоорлонгон борборлоштурулган системасы, анын курулмаларынын жана жабдууларынын комплекси, реагенттер жана саркынды сууларды иштетүү технологиясы белгиленген ченемдерге жана талаптарга ылайык саркынды сууларды тазалоонун сапатын камсыз кылууга тийиш.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттерин курууга же реконструкциялоого долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу адистештирилген долбоордук уюмдар, ошондой эле тиешелүү лицензиясы бар жеке долбоордук фирмалар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын менчик ээлери менен катар долбоорлоо иштеринин заказчылары болуп системаларды курууну же реконструкциялоону инвестициялаган уюмдар, анын ичинде берүүчүлөр эсептелет. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын курууга же реконструкциялоого долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуунун,

экспертизалоону макулдашуунун жана бекитүүнүн тартиби шаар куруу жаатындагы мыйзамдар менен белгиленет.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттеринде ишке киргизүү-жөндөө иштери, алардын ишинин регламентин аныктоо тиешелүү сертификаты жана лицензиясы бар уюмдар тарабынан жүргүзүлөт.

**20-берене. Инвестициялык программалар жана ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүлөрдүн инвестициялары**

1. Инвестициялык программаны ишке ашыруу үчүн негиз болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын төмөнкүлөрдү эске алуу менен кабыл алынган чечими эсептелет:

1) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын техникалык текшерүүнүн натыйжаларын;

2) техникалык-экономикалык негиздемени;

3) саркынды сууларды азайтуу планын, экологиялык натыйжалуулукту жогорулатуу программасын, айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-чаралар планын.

2. Инвестициялык программа төмөнкүлөрдү камтышы керек:

1) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын жаңы объекттерин куруу, колдонуудагыларын реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча иш-чаралардын тизмесин, анын ичинде борборлоштурулган суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларына жаңы абоненттерди туташтыруу үчүн зарыл болгон иш-чараларды;

2) каржылоо булактарын көрсөтүү менен инвестициялык программаны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон финансылык муктаждыктардын көлөмүн;

3) инвестициялык программанын иш-чараларын ишке ашыруу графигин;

4) каражаттарды инвестициялоонун натыйжалуулугун эсептөөнү;

5) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү тарифтерди алдын ала эсептөөнү;

6) башка зарыл маалыматтарды.

3. Инвестициялык программа жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бекитилет. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчү жыл сайын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бекитилген инвестициялык программанын аткарылышы жөнүндө отчет берип турат.

4. Монополияга каршы орган абоненттер үчүн инвестициялык программаны ишке ашырууга кеткен чыгымдарды эске алуу менен эсептелген, анын ичинде бул иш-чараларды зайымдардын жана кредиттердин эсебинен ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен ичүүчү суу менен

камсыздоочу жана саркынды сууларды чыгаруучу уюмдун тарифтеринин абоненттер үчүн жеткиликтүүлүгүн баалайт.

5. Инвестициялык программа үч жылдан кем эмес жылга иштелип чыгат жана тиешелүү уюмдардын ишинин объективдүү шарттарынын өзгөрүшүн эске алуу менен жыл сайын оңдолуп турушу мүмкүн.

## 6-глава. Ичүүчү суу менен камсыздоо системаларында ичүүчү суунун сапатын жана коопсуздугун камсыз кылуу

### 21-берене. Ичүүчү суунун коопсуздугун камсыз кылуу жана сапатын контролдоо

1. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системасын пайдалануу менен суу менен камсыздоо кызматын көрсөтүүчү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен тиешелүү ченемдик талаптарга ылайык келген ичүүчү сууну абоненттерге берүүгө милдеттүү.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системаларын пайдалануу менен ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн суу алуу ичүүчү суу менен камсыздоо булагы катары пайдаланууга уруксат берилген булактардан жүргүзүлүшү керек.

2. Суу менен жабдуунун борборлоштурулган тармактарына кошуу түйүнүндө керектөөчүлөргө берилүүчү ичүүчү суунун сапаты жана коопсуздугу ченемдик талаптарга ылайык келүүгө жана төмөнкү чаралар менен камсыздалууга тийиш:

1) суу менен камсыздоо булактарын тиешелүү тандоо, сууну тазалоо жана зыянсыздандыруу технологиясы;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо системаларында ичүүчү суунун сапатын жана коопсуздугун үзгүлтүксүз контролдоо;

3) суу менен камсыздоо системаларында жабдуулардын, материалдардын, реагенттердин коопсуздугун ырастаган документтер болгондо аларды пайдалануу;

4) санитардык-коргоочу зоналарды белгилөө жана ичүүчү сууну кокустан жана атайын аракеттер менен булгоодон коргоонун башка чараларын көрүү менен ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган, борборлоштурулбаган жана автономдуу системаларынын булактарын коргоо;

5) жергиликтүү шарттарды эске алуу менен ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган системаларынын ичүүчү суусун пайдалануу жана сапатын жана коопсуздугун контролдоо боюнча жумушчу программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

6) ичүүчү суунун сапатынын начарлашына байланыштуу адамдардын ден соолугуна коркунуч туудурган жагдайларда ичүүчү суунун сапатына жана коопсуздугуна санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө

чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын мезгилдүү контролдоо чараларын белгилөө.

## 22-берене. Ичүүчү суунун коопсуздугу боюнча жалпы талаптар

1. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системаларынан, үй ичиндеги бөлүштүрүүчү системалардан, борборлоштурулбаган суу булактарынан чыккан суу эпидемиялык жана радиациялык жактан коопсуз, химиялык курамы боюнча зыянсыз жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен талаптарга ылайык жагымдуу органолептикалык касиетке ээ болушу керек.

2. Ичүүчү суунун коопсуздугунун ченемдик көрсөткүчтөрү төмөнкүдөй текшерилет:

1) суу менен жабдуунун борборлоштурулган тармактарына абоненттер кошулган түйүндөрдө;

2) бөлүштүрүүчү системанын кранынан чыккан жерде (жайдын ичиндеги кран, көчө колонкасы);

3) идиштен (цистернадан, резервуардан ж.б.) чыккан жерде;

4) суу идишке (цистернага, резервуарга ж.б.) куюлган түйүндө;

5) тамак-аш азыктарын өндүрүү боюнча ишканаларда сууну пайдалануу түйүнүндө.

3. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системаларында ичүүчү суунун коопсуздугу төмөнкүлөр аркылуу камсыз кылынат:

1) санитардык-эпидемиологиялык бакубатчылык жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ичүүчү суу менен камсыздоо булактарын тандоо;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо булактарын жана ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын булгануудан коргоону уюштуруу жана камсыз кылуу;

3) калкты ичүүчү суу менен камсыздоо максатында аларды пайдалануу үчүн жарактуу абалда ичүүчү суу менен камсыздоо булактарын тейлөө боюнча иш-чараларды ишке ашыруу;

4) ичүүчү суу менен камсыздоо системаларында адам үчүн коопсуздук талаптарына жооп берген жабдууларды, материалдарды жана реагенттерди колдонуу;

5) ичүүчү сууну даярдоонун анын коопсуздук талаптарына шайкештигин камсыз кылуучу эң мыкты технологияларды колдонуу;

6) ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын техникалык эксплуатациялоого коюлуучу талаптарды аткаруу;

7) ичүүчү сууда химиялык заттардын, микроорганизмдердин, мите агенттердин концентрациясынын коопсуздук көрсөткүчтөрүнүн ченемдеринен жана радиациялык фонунун деңгээлинен жогору көбөйүшүнө жол бербөө;

8) өндүрүштүк контролдоо программаларын жүзөгө ашыруу;

9) ичүүчү сууга, суу менен камсыздоо булактарына жана системаларына коюлуучу талаптардын сакталышына бирдиктүү методикаларды жана өлчөө каражаттарын пайдалануу менен мамлекеттик көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

10) ичүүчү суу менен камсыздоо системасына тартылган кызмат көрсөтүүчүнүн кызматкерлерин профилактикалык медициналык кароодон өткөрүү.

4. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системалары жок болгон, алардын иштөө режими бузулган учурларда, ошондой эле өзгөчө кырдаалдарда борборлоштурулбаган ичүүчү суу менен камсыздоо колдонулат.

5. Борборлоштурулбаган жана автономдуу ичүүчү суу менен камсыздоо үчүн жер астындагы булактардын суусу (булактар, жер астындагы суулар жана артезиан суулары) колдонулат. Борборлоштурулбаган жана автономдуу системалардан алынган ичүүчү суу коопсуздук ченемдерине ылайык келиши керек.

6. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулбаган жана автономдуу системаларын эксплуатациялоочу жактар төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) аларды талаптагыдай абалда кармоону;

2) ичүүчү суунун сапатынын коопсуздук ченемдерине ылайык келишин контролдоону;

3) ичүүчү сууну натыйжалуу дезинфекциялоону;

4) уруксат берилген материалдарды жана реагенттерди колдонууну;

5) булактын аймагын булгануудан коргоону.

**23-берене. Ичүүчү суунун коопсуздугунун шайкештигин баалоо**

1. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган, борборлоштурулбаган, автономдуу системаларынан ичүүчү суунун коопсуздугунун шайкештигин баалоо төмөнкүдөй максаттарда жүзөгө ашырылат:

1) адамдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо;

2) ичүүчү сууну керектөөчүлөрдү адаштырууга алып келген аракеттерди болтурбоо;

3) Кыргыз Республикасында товарларды эркин өткөрүү;

4) эл аралык экономикалык, илимий-техникалык кызматташтыкка, эл аралык соодага катышуу.

Ичүүчү суунун коопсуздук ченемдерине шайкештигин баалоо өндүрүштүк контролдоо жана мамлекеттик көзөмөлдөө формаларында жүргүзүлөт.

2. Ичүүчү суунун коопсуздук көрсөткүчтөрү боюнча ылайык келбегендиги аныкталганда суу менен камсыздоо системасын

эксплуатациялоочу кызмат көрсөтүүчүлөр сууну токтоосуз кайталап изилдөөнү жүргүзөт, булгануунун себептерин аныктайт жана бул жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, ошондой эле санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына маалымдайт.

Ичүүчү суудa коопсуздук көрсөткүчтөрү боюнча ченемдерден ашып кетүү белгиленгенде аны пайдаланууга тыюу салуу же чектөө боюнча чаралар жана (же) адамдын ден соолугун коргоо боюнча башка чаралар көрүлөт. Чараларды көрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Ичүүчү суу менен камсыздоо системасынын иштеши бузулганда жана (же) ичүүчү суунун ченемдик көрсөткүчтөргө ылайык келбегендигинин себептерин жоюу мүмкүн болбогондо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрация, жеке жана юридикалык жактар керектөөчүлөрдү резервдик булактардан суу менен камсыздоо боюнча чараларды көрөт же ичүүчү сууну жеткирүүнү камсыз кылат.

Ичүүчү суунун сапатынын начарлашына карата керектөөчүлөр даттануулар менен кайрылганда ичүүчү суу менен камсыздоо системасын эксплуатациялоочу юридикалык жана жеке жактар себептерин аныкташат жана зарыл болгон учурда арыз ээсине маалымат берүү менен сууга кошумча изилдөө жүргүзүшөт.

**24-берене. Ичүүчү суунун сапатын өндүрүштүк контролдоо**

1. Ичүүчү суунун сапатына системалуу өндүрүштүк контролдоо болбогондо ичүүчү суу менен камсыздоо системаларын эксплуатациялоого тыюу салынат.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган системаларын пайдалануу менен абоненттерге берилүүчү ичүүчү суунун сапатын өндүрүштүк контролдоо кызмат көрсөтүүчү тарабынан жүзөгө ашырылат жана суунун сынамдарын алууну, суунун белгиленген талаптарга ылайыктуулугуна белгиленген тартипте аттестацияланган же аккредитацияланган кызмат көрсөтүүчүнүн лабораторияларында лабораториялык изилдөөлөрдү жана сыноолорду жүргүзүүнү камтыйт. Өз лабораториялары жок кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан ичүүчү суунун сапатын өндүрүштүк контролдоонун алкагында лабораториялык изилдөөлөрдү жана сыноолорду жүргүзүү Кыргыз Республикасынын аккредитациялоо жөнүндө мыйзамдарына ылайык аккредитацияланган юридикалык жактар, жеке ишкерлер тарабынан келишимдик негизде жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

2. Ичүүчү суунун сапатын контролдоо программасы кызмат көрсөтүүчү тарабынан иштелип чыгат, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө

чөйрөсүндөгү аймактык мамлекеттик орган менен макулдашылат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) контролдоо жүзөгө ашырылуучу көрсөткүчтөрдүн тизмеси;

2) суунун сынамдарын алуучу жерлерди, анын ичинде ичүүчү суу менен камсыздоочу уюмдардын жана абоненттердин баланстык жана (же) эксплуатациялык жоопкерчилигинин чек арасындагы жерлерди көрсөтүү;

3) суунун сынамдарын алуу жыштыгын көрсөтүү.

Ичүүчү суунун сапатына өндүрүштүк контролдоо жүргүзүлө турган көрсөткүчтөрдүн тизмеси жана суунун сынамдарын алуу жыштыгын белгилөөгө карата талаптар мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.

3. Санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү ичүүчү суунун сапатына өндүрүштүк контролдоо жүргүзүлө турган көрсөткүчтөрдүн тизмесин кеңейтүүгө жана төмөнкүлөр болгондо суунун сынамдарын алуу жыштыгын көбөйтүүгө укуктуу:

1) ичүүчү суунун сапаты мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө же өндүрүштүк контролдоо процессинде кеңейтилген изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча аныкталган саламаттык сактоо жаатындагы мыйзамдардын талаптарына ылайык келбегенде;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо булагында ичүүчү суунун курамы өзгөргөндө;

3) ичүүчү сууну керектөө менен байланышкан инфекциялык жана инфекциялык эмес этиологиясындагы оорулар региондо жогорулаганда;

4) ичүүчү сууну даярдоонун технологиясы өзгөргөндө.

## 25-берене. Ичүүчү суунун сапатын мамлекеттик көзөмөлдөө

1. Ичүүчү суунун сапатын мамлекеттик көзөмөлдөө санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдар тарабынан суу ресурстарын мамлекеттик экологиялык контролдоо жана коргоо органдары менен өз ара аракеттенүү менен төмөнкүдөй максаттарда жүргүзүлөт:

1) ичүүчү сууга, суу менен камсыздоо булактарына жана ичүүчү суунун сапатына ченемдик гигиеналык талаптарды белгилеген колдонуудагы санитардык эрежелердин жана ченемдердин, ошондой эле ичүүчү суу менен камсыздоо объекттерин жайгаштыруунун жана күтүүнүн санитардык эрежелеринин сакталышын контролдоо;

2) адамдардын ден соолугуна коркунуч келтириши мүмкүн болгон ичүүчү суунун же суу менен камсыздоо булагынын суусунун сапатынын начарлашына алып келүүчү укук бузууларга бөгөт коюу чараларын колдонуу, мындай укук бузууга күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу;

3) ведомстволук аймактарда санитардык-эпидемиологиялык кырдаалды жакшыртуунун кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү программаларын негиздүү иштеп чыгуу үчүн суу менен камсыздоо жана ичүүчү суу булактарынын санитардык-гигиеналык абалын мамлекеттик эсепке алууну жүргүзүү;

4) ичүүчү суу менен камсыздоо жаатында ченемдик камсыздоону өркүндөтүү, ичүүчү суунун сапатын контролдоо методикасын жакшыртуу боюнча реагенттердин, жабдуулардын, өлчөө каражаттарынын сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

2. Чарбалык-ичүүчү суу менен камсыздоо объекттерин долбоорлоодо жана курууда курулуш ченемдеринин жана эрежелеринин сакталышына мамлекеттик көзөмөлдү архитектура-курулуш көзөмөлдөө органдары жүзөгө ашырат.

3. Мамлекеттик көзөмөлгө төмөнкүдөй текшерүүлөр кирет:

1) суу алуучу жерлер, санитардык коргоо зоналарынын жана ичүүчү сууну даярдоо, ташуу жана сактоо процесстеринин абалы;

2) ичүүчү суу менен байланышта болгон техникалык каражаттар, материалдар жана реагенттер;

3) бөлүштүрүүчү тармактарда, анын ичинде турак жана коомдук имараттарда, билим берүү, саламаттык сактоо, коомдук тамактануу жана тамак-аш өнөр жай мекемелеринде суунун коопсуздугу боюнча ченемдик көрсөткүчтөр;

4) ичүүчү сууга мониторинг жүргүзүү пландарын ишке ашыруу.

4. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар өз компетенциясынын чегинде жана Кыргыз Республикасынын ишкердик субъекттерди текшерүү жөнүндө мыйзамдарына ылайык төмөнкүлөргө укуктуу:

1) суу менен камсыздоо жана тамак-аш өнөр жай ишканаларынын аймагына кирүүгө;

2) кызмат көрсөтүүчүнүн аймактарын жана өндүрүштүк жайларын инспекциялоого;

3) изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн суунун сынамдарын жана ичүүчү суу менен түздөн-түз байланышта болгон заттардын жана буюмдардын үлгүлөрүн алууга;

4) ушул Мыйзамдын талаптарын жеке жана юридикалык жактардын аткаруусун текшерүүгө;

5) ден соолук үчүн коркунуч туудурган ченемдик көрсөткүчтөргө олуттуу ылайык келбеген учурда борборлоштурулган, борборлоштурулбаган же автономдуу суу менен камсыздоо системаларын эксплуатациялоону токтото турууга;

6) ичүүчү суу менен камсыздоо системасын эксплуатациялоочу жеке жана юридикалык жактарга ичүүчү суунун коопсуздугунун аныкталган көрсөткүчтөрүнүн санын кеңейтүү жана изилдөөлөрдүн эселүүлүгүн көбөйтүү жөнүндө жазма буйруктарды жөнөтүүгө.

5. Адамдын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч көбөйгөн учурда мамлекеттик көзөмөлдөө төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат жана жүргүзүлөт:

1) форс-мажордук кырдаалдардан кийин;

2) авариялык кырдаалдар жоюлгандан кийин;

3) суу түтүктөрүн куруу же реконструкциялоо аяктагандан кийин;

4) калктан даттануулар түшкөндөн кийин;

5) суунун булганышына байланыштуу эпидемиялар, инфекциялык же инфекциялык эмес оорулар пайда болгондо;

6) башка өзгөчө кырдаалдарда.

**26-берене. Суу менен камсыздоо булактарын булгануудан коргоо**

1. Суу менен камсыздоо булактарын булгануудан коргоо ичүүчү суунун коопсуздугун жана зыянсыздыгын камсыз кылуунун милдеттүү шарты болуп эсептелет жана суу менен камсыздоо булактарын жана суу менен камсыздоо системаларын санитардык коргоо зоналарын түзүү менен, ошондой эле жер үстүндөгү жана жер астындагы суу объекттеринин булганышын болтурбоо жана Кыргыз Республикасынын санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө жана айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарында белгиленген экологиялык талаптарды сактоо боюнча иш-чаралардын комплексин аткаруу менен жетишилет.

2. Аймагында суу менен камсыздоо булактары жайгашкан мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

1) Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына жана кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык суу коргоо зоналарында бул органдар тарабынан уруксат берилген чарбалык жана башка иштердин натыйжасында алардын булганышы үчүн жоопкерчилик тартышат;

2) суу коргоо иш-чараларын жүргүзүүгө жана суу менен камсыздоо булактарындагы суунун сапатын контролдоого жооптуу органдардын ишин камсыз кылат жана координациялайт;

3) суунун сапатынын начарлашына же суу менен камсыздоо системаларына зыян келтириши мүмкүн болгон ар кандай ишке бөгөт коюу боюнча токтоосуз чараларды көрүүгө милдеттүү.

3. Суу менен камсыздоо булактарында болуп жаткан физикалык, биологиялык жана химиялык процесстерге, алардын булгануу деңгээлине байкоо жүргүзүү тиешелүү мамлекеттик кызматтар тарабынан жүзөгө ашырылат.

4. Жер казынасын пайдалануу, пестициддер жана агрохимикаттар менен коопсуз иштөө жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары суу менен камсыздоо булактарынын булганышы жана суунун сапатынын болжолдонгон начарлашы жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияга, ошондой эле санитардык-эпидемиологиялык

бакубатчылык жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына суу менен камсыздоо системасын эксплуатациялоону жүзөгө ашыруучу жеке жана юридикалык жактарга маалымат беришет.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жергиликтүү шарттарга жараша булгануунун коркунучтуу түрлөрүн камтыган ичүүчү сууну керектөөдөн керектөөчүлөрдүн ден соолугуна зыян келтирүү мүмкүндүгүн алдын алуучу суу менен камсыздоо булактарын булгануудан коргоо боюнча кошумча талаптарды бекитиши мүмкүн.

**27-берене. Санитардык коргоо зоналары**

Суу менен жабдуунун бардык булактары, ошондой эле ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган системалары үчүн санитардык коргоо зоналары менчигинин түрүнө карабастан, суу алуу жана суу өткөрүү тармактары жана курулмалары жайгашкан жерлерде суунун кокусунан жана атайылап булганышын болтурбоо, ошондой эле суу алуучу райондо суунун сапатынын начарлашына алып келиши мүмкүн болгон суу менен камсыздоо булактарынын булганышын алдын алуу максатында санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана ченемдерге ылайык белгиленет.

Санитардык коргоо зоналарын уюштуруу, аларды долбоорлоо жана эксплуатациялоо тартиби, аларга кирген аймактардын (алкактардын, тилкелердин) чектерин жана аларга ылайык келген сууларды коргоо режимдерин белгилөө, санитардык-коргоо иш-чараларынын комплексин аныктоо, анын ичинде алкактардын жана тилкелердин чегинде иштин ар кандай түрлөрүнө чектөө жана тыюу салуу белгиленген тартипте бекитилүүчү санитардык эрежелер жана ченемдер менен жөнгө салынат.

Санитардык коргоо зоналарында санитардык-коргоо иш-чараларынын комплексинин аткарылышын контролдоону санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар мамлекеттик экологиялык контролдоо органдары менен өз ара аракеттенүү менен ишке ашырат.

Санитардык коргоо зонасынын аймагында суу мыйзамдарынын сакталышына, сууну коргоо иш-чараларынын, белгиленген режимдин аткарылышына мамлекеттик контролду Кыргыз Республикасынын санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө жана айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары жүзөгө ашырат.

**28-берене. Ичүүчү суунун сапатынын маселелери боюнча керектөөчүлөргө маалымат**

Ичүүчү суу менен камсыздоо системалары менен камсыздалган ичүүчү сууну керектөөчү ичүүчү суунун сапаты, анын стандарттардын, санитардык эрежелердин жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү

мыйзамдардын талаптарына шайкештиги жөнүндө кызмат көрсөтүүчүдөн ишенимдүү маалыматты алууга укуктуу.

Адамдардын ден соолугуна болгон коркунуч жөнүндө күбөлөндүргөн айрым көрсөткүчтөр боюнча суунун сапатынын шайкеш эместиги аныкталганда суу берүүчүлөр жана контролдоочу органдар бул тууралуу сууну керектөөчүлөрдү келип чыккан коркунучту болтурбай турган сактык чаралары жөнүндө маалымат менен жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу токтоосуз суу менен камсыздоону токтотуу жана кабарлоону камсыз кылууга тийиш.

Эгерде ичүүчү суунун сапатына карата ченемдик талаптардан аныкталган четтөөлөр сапаттын органолептикалык көрсөткүчтөрүнө гана тиешелүү болсо жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл органдарынын корутундулары менен ырасталып, адамдардын ден соолугуна коркунуч туудурбаса, анда мындай маалымат да жоюу мөөнөтүн көрсөтүү менен керектөөчүлөргө жеткирилиши керек.

Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча органдар жана керектөөчүлөрдүн коомдук уюмдары санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен биргеликте ичүүчү суунун сапатын контролдоого, керектөөчүлөрдөн анын сапатына карата талаптар жөнүндө маалыматтарды чогултууга жана талдоону жүзөгө ашырууга катыша алышат; талап кылынган сапатка ылайык келбеген ичүүчү сууну керектөөнүн натыйжасында келтирилген зыянды компенсациялоо жана керектөөчүлөрдүн ичүүчү суу менен камсыздоо жаатындагы укуктарын бузуу жөнүндө сотко доо арыз менен кайрыла алышат.

## 7-глава. Саркынды сууларды чыгаруу жана агынды сууларды борборлоштурган чыгаруу системасына агызуу

### 29-берене. Саркынды сууларды чыгаруу жана агынды сууларды тазалоо планы

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мезгилдүү негизде булгоочу заттарды өз убагында чыгарууну жана тазалоону, агынды сууларды сапаттуу чыгарууну камсыз кылуучу агынды сууларды чыгаруу планын иштеп чыгат, бекитет жана түзөтөт.

2. Агынды сууларды чыгаруу планы төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) агынды сууларды тазалоо боюнча учурдагы чараларды белгиленген талаптарга жана жаңы тазалоо чараларына болгон муктаждыктарга ылайык талдоо;

2) саркынды сууларды чыгаруу инфратүзүмүнүн абалын (анын ичинде тазалоочу курулмаларды, суу чыгаруучу тармактарды, резервуарларды, насостук станцияларды ж.б.) талдоо жана аларды эксплуатациялоону, тейлөөнү жана жаңыртууну жакшыртуу боюнча чаралар;

3) агынды сууларды чогултууну жана коопсуз чыгарып салууну уюштуруу, келечектеги суу чыгаруучу тармактын көлөмүн, тазалоочу курулмаларды орнотуу үчүн мүмкүн болгон участокторду, колдонулуучу технологияларды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо мөөнөттөрүн аныктоо (суу чыгаруучу тармактары жок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн);

4) толук жабууну камсыз кылуу үчүн суу чыгаруучу тармакты кеңейтүүгө муктаждыкты, ошондой эле тазалоочу курулмаларды орнотуу үчүн мүмкүн болгон участокторду, тазалоо технологияларын жана мындай курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо мөөнөттөрүн аныктоо (суу чыгаруучу тармак жайгашкан, бирок агынды сууларды тазалоочу станциясы жок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн);

5) максималдуу камтууну камсыз кылуу үчүн суу чыгаруучу тармакты кеңейтүүнүн зарылдыгын аныктоо, тазалоочу курулманын өндүрүмдүүлүгү, инвестициялык керектөөлөр жана андан ары кеңейтүүнүн техникалык мүнөздөмөлөрү (суу чыгаруучу тармак жана агынды сууларды тазалоочу станция жайгашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн).

**30-берене. Саркынды сууларды чыгаруу системасынын коопсуздугун камсыз кылуу жана бул системаларга агынды сууларды чыгаруу**

Агынды суулардын сапаты жана коопсуздугу белгиленген ченемдик талаптарга ылайык келүүгө жана төмөнкү чаралар менен камсыз кылынууга тийиш:

1) ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн бардык категориялары үчүн булгоочу заттарды саркынды суу чыгаруучу тармакка чыгарып салууга тиешелүү талаптарды жана ченемдерди белгилөө;

2) саркынды сууларды чыгаруунун бүткүл системасынын ченемдик техникалык абалын камсыз кылуу;

3) тазалоочу курулмалар жайгашкан жерлерди жана агынды сууларды тазалоо технологияларын тиешелүү тандоо;

4) саркынды сууларды чыгаруу системасындагы агынды суулардын сапатын жана коопсуздугун үзгүлтүксүз контролдоо;

5) коопсуздугу белгиленген сертификаттар менен ырасталган суу чыгаруу системаларында жабдууларды, материалдарды жана реагенттерди пайдалануу;

6) саркынды сууларды чыгаруунун санитардык-коргоочу зоналарын белгилөө;

7) санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте агынды суунун коопсуздугун камсыз кылуу пландарын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

8) жергиликтүү шарттарды эске алуу менен саркынды сууларды чыгаруу системасындагы агынды сууларды эксплуатациялоонун, сапатын жана коопсуздугун өндүрүштүк контролдоонун жумушчу программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

9) санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан агынды суунун сапатынын начарлашына байланыштуу адамдардын ден соолугуна коркунуч туудурган жагдайларда анын сапатына жана коопсуздугуна мезгил-мезгили менен контролдоо чараларын белгилөө.

**31-берене. Саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына абоненттер чыгаруучу агынды суулардын курамына карата талаптарды камсыз кылуу**

1. Турак үйлөрдөн, көп батирлүү үйлөрдөн тышкары (саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына өзүнчө суу чыгаруусу бар көп батирлүү үйлөрдөгү турак эмес жайларды кошпогондо), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен агынды сууларды саркынды сууларды чыгаруу системасына кабыл алуу эрежелеринде аныкталган башка объекттерден тышкары, саркынды сууларды чыгаруучу уюмдар тарабынан суу объекттерин булгоодон коргоо максатында агынды суулардын курамынын ченемдери белгиленет.

Агынды суулардын курамынын ченемдери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен агынды сууларды саркынды сууларды чыгаруу системасына кабыл алуу эрежелерине ылайык саркынды сууларды чыгаруучу уюмдардын тазалоочу курулмалары менен булгоочу заттарды жок кылуунун натыйжалуулугун эске алуу менен саркынды сууларды чыгаруучу уюмдардын объекттери үчүн белгиленген жол берилген чыгаруу ченемдеринин негизинде белгиленет. Саркынды сууларды чыгаруучу уюмдардын тазалоочу курулмалары менен булгоочу заттарды жок кылуунун натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен агынды сууларды саркынды сууларды чыгаруу системасына кабыл алуу эрежелерине ылайык эсептелет.

Технологиялык жактан ченемделген заттарга карата агынды суулардын курамынын ченемдерин белгилөөнүн өзгөчөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен агынды сууларды саркынды сууларды чыгаруу системасына кабыл алуу эрежелери менен белгиленет.

2. Агынды суулардын курамы боюнча ченемдерди ашырууга жол берген абоненттер саркынды сууларды чыгаруучу уюм мындай бузуулар жөнүндө кабарлаган күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде булгоочу заттарды агызуу көлөмүн азайтуу планын иштеп чыгууга жана аны саркынды сууларды чыгаруучу уюм менен макулдашып, ушул планда каралган

мөөнөттө булгоочу заттарды агызуу көлөмүн азайтуу планын ишке ашырууга милдеттүү.

3. Абоненттин булгоочу заттарды агызуу көлөмүн азайтуу планы агынды суулардын курамынын ченемдерин ашырууга жол берилген бардык заттар боюнча агынды суулардын курамынын ченемдерин ашыруунун алдын алууну төмөнкү иш-чаралардын бирин же бир нечесин ишке ашыруу аркылуу камсыз кылууга тийиш:

1) үчүнчү жактарга таандык болгон локалдуу тазалоочу курулмаларды пайдалануу менен локалдуу тазалоочу курулмаларды куруу же модернизациялоо жана абоненттин агынды сууларын тазалоо;

2) айланма суу менен камсыздоо системаларын түзүү;

3) продукцияны (товарларды) өндүрүү, кызмат көрсөтүү, агынды сууларда булгоочу заттардын концентрациясын азайтууну камсыз кылуучу иштерди жүргүзүү технологияларын киргизүү.

**32-берене. Абоненттер тарабынан саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларына чыгарылган агынды суулардын курамы боюнча белгиленген ченемдерден ашык булгоочу заттарды чыгаруу үчүн акы төлөө**

Эгерде саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына абоненттен кабыл алынган агынды суулар мындай системанын ишине терс таасир тийгизүүчү булгоочу заттарды, башка заттарды жана микроорганизмдерди камтыса, абонент Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан бекитилген ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын пайдалануу эрежелери менен белгиленген өлчөмдө жана тартипте аталган заттардын жана микроорганизмдердин уюмдун саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасынын жана тазалоочу курулмаларынын ишине терс таасири менен байланышкан чыгымдардын ордун саркынды сууларды чыгаруучу уюмга толтурууга милдеттүү. Кабыл алынган агынды суулардын сапатын аныктоо үчүн өндүрүштүк мониторинг жүргүзүлөт. Өндүрүштүк мониторингди кызмат көрсөтүүчүнүн лабораториялары жүзөгө ашырат.

Эгерде саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына абоненттен кабыл алынган агынды суулар агынды суулардын курамынын белгиленген ченемдеринен ашык концентрациядагы булгоочу заттарды камтыса, абонент саркынды сууларды чыгаруучу уюмга агынды суулардын курамынын белгиленген ченемдеринен ашык көлөмдө агынды суулардын курамында булгоочу заттарды чыгаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен агынды сууларды саркынды сууларды чыгаруу системасына кабыл алуу эрежелеринде белгиленген тартипте акы төлөөгө милдеттүү.

Саркынды сууларды чыгарууну жүзөгө ашыруучу кызмат көрсөтүүчү тарабынан агынды суулардын курамынын белгиленген ченемдеринен ашык көлөмдө булгоочу заттарды чыгаруу үчүн акы төлөө түрүндө алынган каражаттар айлана-чөйрөгө терс таасир тийгизгендиги үчүн акы төлөөгө, суу объекттерине келтирилген зыяндын ордун толтурууга, ошондой эле айлана-чөйрөгө терс таасирди азайтуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу бөлүгүндө саркынды сууларды чыгарууну жүзөгө ашыруучу уюмдун инвестициялык программасын каржылоо булагы катары пайдаланылат.

**33-берене. Абоненттин агынды сууларынын курамын жана сапатын контролдоо, абонент тарабынан чыгарууларды азайтуу планын аткаруу**

Агынды суулардын курамын жана сапатын контролдоону камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен агынды сууларды саркынды сууларды чыгаруу системасына кабыл алуу эрежелери менен категориялары аныкталган абоненттер саркынды сууларды чыгарууну жүзөгө ашыруучу уюмга саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына абонент тарабынан чыгарылуучу агынды суулардын курамы жана сапаты жөнүндө маалымат берет, анда абоненттин агынды сууларынын иш жүзүндөгү курамы жана сапаты көрсөтүлөт.

Агынды суулардын сынамдарын талдоо аккредитациялоо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте аккредитацияланган лабораториялар тарабынан жүзөгө ашырылат. Мамлекеттик экологиялык контролду жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрү (эгерде абоненттин объектиси мамлекеттик экологиялык контролго алынуучу объекттерди аныктоо критерийлерине ылайык келсе) же мамлекеттик органдар (башка учурларда) мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруунун алкагында текшерүү жүргүзүүдө агынды суулардын сынамдарын талдоонун маалыматтарын пайдаланууга укуктуу.

Эгерде абонентте агынды суулардын курамы ченемдерден ашып кеткендиги жөнүндө саркынды сууларды чыгарууну жүзөгө ашыруучу уюм тарабынан абонентке билдирилген күндөн тартып 30 календардык күн өткөндөн кийин чыгарууларды азайтуунун белгиленген тартипте иштелип чыккан жана макулдашылган планы жок болсо, ошондой эле мындай абонент бул планда белгиленген мөөнөттө чыгарууларды азайтуу планын аткарбаган учурда же абонент саркынды сууларды чыгарууну жүзөгө ашыруучу уюмдун өкүлдөрүн саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына абоненттер тарабынан чыгарылуучу агынды суулардын үлгүлөрүн алуу жерине алардын курамын жана касиеттерин белгиленген тартипте контролдоо үчүн кирүүгө бир нече жолу уруксат бербеген учурда саркынды сууларды чыгарууну жүзөгө ашыруучу уюм көрсөтүлгөн мөөнөттөр

аяктагандан кийин он беш календардык күндүн ичинде бул жөнүндө мамлекеттик экологиялык контролдун аймактык органдарына маалымдайт.

**34-берене. Саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын коргоо**

1. Саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын бузулуудан жана талкалануудан коргоо алардын туруктуу жана коопсуз иштөөсүн камсыз кылуунун милдеттүү шарты болуп саналат жана техникалык, маалыматтык, санитардык, экологиялык талаптарды жана суу объекттеринин жана жалпысынан айлана-чөйрөнүн агынды суулар менен булганышын болтурбоо боюнча чараларды аткаруу, ошондой эле санитардык-коргоочу зоналарды белгилөө, алар үчүн каралган режимди сактоо менен жүзөгө ашырылат.

2. Саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системалары үчүн санитардык-коргоо зоналары кокустан жана атайылап алардын бузулушун жана айлана-чөйрөнүн булганышын болтурбоо максатында орнотулат жана алар берилген максаттарда гана пайдаланылууга тийиш.

3. Санитардык-коргоо зоналарын уюштуруу, алардын өлчөмдөрүн, долбоорлоону, пайдаланууну жана аларга шайкеш келген айлана-чөйрөнү коргоонун тиешелүү ченемдерин белгилөө, санитардык коргоо чараларынын комплексин, анын ичинде аларда тыюу салынган жана чектелген иштердин түрлөрүнүн тизмегин аныктоо тартиби санитардык ченемдердин жана эрежелердин талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

4. Санитардык жана экологиялык коргоо чараларынын комплексин аткаруу төмөнкү субъекттерге жүктөлөт:

1) ичүүчү суу менен камсыз кылуунун жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүлөргө;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына.

5. Иш-чаралардын комплексинин аткарылышын жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасынын санитардык-коргоо зоналары үчүн талаптардын сакталышын контролдоо санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн ыйгарым укуктуу органына жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органга жүктөлөт.

6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары зарыл болгон учурда саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын коргоо боюнча кошумча чараларды карашы мүмкүн.

## 8-глава. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү тарифтик саясат

**35-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн каржылоо жана алардын тарифтери**

1. Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттары;

2) бекитилген тарифтер боюнча ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн жана саркынды сууларды чыгаруу системасын пайдалануучулардын каражаттары;

3) калктын жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин ыктыярдуу каражаттары;

4) эл аралык жана чет өлкөлүк донор уюмдарынын жана жеке адамдардын финансылык жардамдары.

Мамлекеттик программалар боюнча иштерди каржылоо республикалык бюджеттин жана бюджеттен тышкаркы каражаттардын эсебинен, ал эми аймактык программаларга жана пландарга киргизилген иштер – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын жана абоненттердин үлүштүк катышуусунда (сүйлөшүүлөр боюнча) бюджеттен тышкаркы каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү, ичүүчү суунун сапатын жакшыртуу жана зыяндуу булганган сууларды азайтуу боюнча иштерди максаттуу каржылоо үчүн аймактык бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы фонддор түзүлүшү мүмкүн.

Каражаттарды консолидациялоо жана натыйжалуу пайдалануу, илимдин жана техниканын прогрессивдүү жетишкендиктерин киргизүү максатында мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жеке жана юридикалык жактардын катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте ичүүчү суу менен камсыз кылуунун жана саркынды сууларды чыгаруунун жаңы системаларын реабилитациялоо, реконструкциялоо жана куруу үчүн фонддорду түзө алат.

2. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу уюмдарынын абоненттер менен болгон финансылык өз ара аракеттенүүлөрүнүн пайда болушу үчүн негиз болуп ар бир кошулуучу абонентте ичүүчү сууну эсепке алуу приборлорун милдеттүү түрдө орнотуу саналат.

3. Кыргыз Республикасында ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер монополияга каршы орган менен макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бекитилет.

### 36-берене. Жөнгө салынууга тийиш болгон ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү иштин түрлөрү жана тарифтери

1. Суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү төмөнкү тарифтер жөнгө салынууга тийиш:

1) ичүүчү суугa тариф (борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо);

2) саркынды сууларды (борборлоштурулган) чыгаруу тарифи;

3) ичүүчү суу менен камсыздоонун жана (же) саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системасына кошулууга (технологиялык кошулууга) тариф.

2. Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну жүзөгө ашыруучу уюмдар ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө иштин жөнгө салынуучу түрлөрү боюнча чыгымдардын жана кирешелердин өзүнчө эсебин жүргүзүүгө милдеттүү.

Ичүүчү суу менен камсыздоого жана саркынды сууларды чыгарууга тарифтер кызмат көрсөтүүчүлөрдүн инвестицияларын кайтарууну камсыз кылууга, ошондой эле кызмат көрсөтүүчүгө келишим боюнча эксплуатациялоо үчүн берилген коомдук пайдалануудагы ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттеринин амортизациясын камсыз кылууга тийиш.

### 37-берене. Тарифтерди жөнгө салуу методдору

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү тарифтерди эсептөө берилген товарлардын көлөмүнө, көрсөтүлгөн кызматтарга жана төмөнкү методдордун бири менен эсептелген зарыл дүң кирешенин чоңдугуна жараша жүргүзүлөт:

1) экономикалык негизделген чыгымдардын методу менен. Эсептөө негизги фонддорду модернизациялоо, жаңылоо, реконструкциялоо жана инвестициялык жана өндүрүштүк программаларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон экономикалык негизделген чыгымдарды эске алуу менен жүргүзүлөт;

2) инвестицияланган капиталдын кирешелүүлүк методу менен. Тарифтерди эсептөөдө инвестицияланган капиталдын кайтарылышы жана аны иши салыштырылуучу тобокелдиктер менен жүзөгө ашырылуучу башка тармактарга инвестициялоодон түшкөн кирешеге эквиваленттүү кирешенин алынышы эске алынат;

3) салыштырмалуу талдоо методу менен. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө эсептөө тарифтерге же кызмат көрсөтүүчүлөрдүн иштин ошол эле жөнгө салынуучу түрүн салыштырылуучу шарттарда жүргүзүүгө экономикалык негизделген чыгымдарына жараша жүзөгө ашырылат.

Тарифтерди жөнгө салуу методун тандоо, ошондой эле аларды колдонуу “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана монополияга каршы мыйзамдар менен жөнгө салынат.

**38-берене. Тарифтерди бекитүү, макулдашуу, өзгөртүү жана жеңилдиктерди берүү**

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө тарифтерди жөнгө салуунун узак мөөнөттүү параметрлеринин негизинде эсептелген тарифтер өзгөрүп, кирешелердин алынбай калышына алып келген учурда кызмат көрсөтүүчүлөрдүн мындай алынбай калган кирешелеринин ордун толтуруу Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарына ылайык республикалык же жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Керектөөчүлөрдүн айрым категориялары үчүн ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө жеңилдетилген тарифтерди белгилөөдө абоненттердин айрым категорияларына мамлекеттик жеңилдиктерди берүүнүн натыйжасында ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүлөрдүн алынбай калган каражаттары жергиликтүү же республикалык бюджеттин эсебинен орду толтурулууга тийиш.

Жергиликтүү кеңештер тарифти өздүк наркынын деңгээлинен төмөн эмес бекитүүгө милдеттүү. Эгерде жергиликтүү кеңеш тарифтерди өздүк наркынан (өзүнүн түзүмүндө амортизация, ченемдик пайда, инвестицияланган капиталга пайданын ченеми же операциялык чыгымдар, кадрларды даярдоого чыгымдар) төмөн бекитсе, жергиликтүү бийлик органдары тарифтерди жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактардын эсебинен субсидиялоого милдеттүү. Субсидия ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүлөргө тарифтин азайышынын айырмасын жабууга тийиш. Монополияга каршы орган тарифти макулдашууда тарифтерди өздүк наркынан жана кызмат көрсөтүүчүлөрдүн экономикалык туруктуулугунан төмөн эмес деңгээлде макулдашууну камсыз кылууга милдеттүү.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун өздүк наркын эсептөө Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарында каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

Монополияга каршы орган менен макулдашылган жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген ичүүчү суу менен камсыздоого жана саркынды сууларды чыгарууга тарифтер кайра каралганга чейин колдонулат.

**39-берене. Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуу, маалыматтарды ачыкка чыгаруу жана тарифтерди контролдоо**

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуу ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен

борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү тарифтерди эсептөө, макулдашуу жана бекитүү тартибине ылайык жүзөгө ашырылат.

Кызмат көрсөтүүчүлөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү тарифтерди эсептөө, макулдашуу жана бекитүү тартибине ылайык маалыматты ачыкка чыгарууга милдеттүү.

Тарифтер, тарифтик жөнгө салуунун параметрлери жөнүндө маалыматтар тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан өзүнүн сайттарында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырылат.

Монополияга каршы кызмат ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө тарифтерди белгилөө жана колдонуу боюнча талаптардын сакталышын, анын ичинде тарифтерди жөнгө салууда эске алынуучу чыгымдардын жана башка көрсөткүчтөрдүн аныктыгын, экономикалык негиздүүлүгүн, каражаттарды иш жүзүндө чыгымдоонун экономикалык негиздүүлүгүн аныктоо бөлүгүндө контролдоону жүзөгө ашырат.

## 9-глава. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө мониторинг жүргүзүү жана баалоо

### 40-берене. Мониторинг жүргүзүү жана баалоо

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө мониторинг жүргүзүү жана баалоо инфраструктура объекттеринин абалына жана ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүнүн сапатына байкоо жүргүзүү системасын билдирет.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө мониторинг жүргүзүү жана баалоо мамлекеттик жана муниципалдык органдар тарабынан ичүүчү суунун сапаты, көрсөтүлгөн кызматтардын сапаты, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттеринин абалы, анын өзгөрүшүн болжолдоо жана тиешелүү чечимдерди кабыл алуу үчүн негизделген сунуштарды иштеп чыгуу жөнүндө маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо жана талдоо максатында жүзөгө ашырылат.

Мониторинг жүргүзүү жана баалоо ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бекиткен пландарга ылайык жүргүзүлөт. Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун жыйынтыгы боюнча көрсөтүлүүчү кызматтардын сапаты боюнча учурдагы кырдаалга, тейлөө стандарттарына ылайык келишине, каржылоо муктаждыгына жана ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу үчүн колдоо чараларына талдоо жүргүзүлөт.

### 41-берене. Мониторинг жүргүзүү жана баалоо тартиби

Мониторинг жүргүзүү жана баалоо тартиби, ошондой эле индикаторлордун комплекси ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан иштелип чыгат.

Мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө алынган баалоонун натыйжалары кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга берилет.

Мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө алынган маалыматтарды иштеп чыгуу, ошондой эле суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүнүн абалына байланышкан өтө кооптуу көрүнүштөргө жана процесстерге тиешелүү болжолдорду жана сунуштамаларды даярдоо суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүүгө катышкан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүдө жүзөгө ашырылат.

### 42-берене. Ичүүчү суунун коопсуздугуна мониторинг жүргүзүү

Ичүүчү суунун коопсуздугу жана сууну тазалоонун натыйжалуулугу жөнүндө маалымат алуу максатында ичүүчү суу менен камсыздоо системасын эксплуатациялоочу кызмат көрсөтүүчүлөр керектөөчүлөргө берилүүчү ичүүчү сууга мониторинг жүргүзөт.

Ичүүчү сууга мониторинг жүргүзүү программасы Кыргыз Республикасынын санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашуу боюнча ичүүчү суу менен камсыздоо системасын эксплуатациялоочу жеке жана юридикалык жактар тарабынан иштелип чыгат.

Ичүүчү сууда адамдын ден соолугуна потенциалдуу коркунуч келтирүүчү ченемдик көрсөткүчтөр белгиленбеген заттардын же микроорганизмдердин бар экендиги жөнүндө негиздүү күмөн саноолор пайда болгондо сууга кошумча изилдөөлөр жүргүзүлөт.

Ичүүчү суу менен камсыздоо системасын эксплуатациялоочу кызмат көрсөтүүчүлөр жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар ичүүчү сууга лабораториялык изилдөөлөрдү жүргүзүү шарттарын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен эрежелерге жана методдорго ылайык сактоого милдеттүү.

Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө талаш маселелерди чечүү үчүн ичүүчү суу менен камсыздоо системасын эксплуатациялоочу кызмат көрсөтүүчүлөр көз карандысыз аккредитацияланган лабораторияларда изилдөө жүргүзөт.

**43-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттеринин ишенимдүүлүгүнүн, сапатынын, энергетикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү**

Ишенимдүүлүктүн, сапаттын, энергетикалык натыйжалуулуктун пландуу көрсөткүчтөрү (индикаторлору) монополияга каршы саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет.

Ишенимдүүлүктүн, сапаттын, энергетикалык натыйжалуулуктун пландуу көрсөткүчтөрү (индикаторлору) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгарууну жүзөгө ашырган кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан ишке ашырылуучу программалардын курамына киргизилет.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттеринин ишенимдүүлүгүнүн, сапатынын, энергетикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттерин эксплуатациялоо боюнча кызмат көрсөтүүчүнүн милдеттенмелеринин аткарылышын контролдоо үчүн колдонулат.

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын объекттеринин ишенимдүүлүгүнүн, сапатынын, энергетикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүнө төмөнкүлөр кирет:

1) суунун сапатынын көрсөткүчтөрү;

2) суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун ишенимдүүлүгүнүн жана үзгүлтүксүздүгүнүн көрсөткүчтөрү;

3) агынды сууларды тазалоонун көрсөткүчтөрү.

**44-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик маалыматтык система жана кызмат көрсөтүүчүлөрдүн реестри**

1. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүнүн маалыматтык системасы айрым калктуу конуштар, райондор же облустар боюнча ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системалары, коопсуз ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк жөнүндө маалыматтарды көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берүүчү индикаторлор түрүндө чагылдырылган маалыматтарды киргизүү жана автоматтык талдоо мүмкүндүгүнө ээ платформа болуп саналат. Маалыматтык системаны

түзүүнү ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жүзөгө ашырат.

2. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун мамлекеттик маалыматтык системасы төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

1) ар бир кызмат көрсөтүүчүнүн тейлөө аймагынын көлөмүн;

2) тейлөө зонасына кирген жана кирбеген шаарларда жана айылдарда көрсөтүлүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарынын түрлөрүн;

3) тейлөө зонасындагы коомдук суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу орнотмолору жөнүндө маалыматты;

4) тейлөө зонасы үчүн бекитилген пландарды;

5) мамлекеттик бюджеттен, жергиликтүү бюджеттен, жеке инвесторлордун же тышкы донорлордун эсебинен каржылануучу ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун иштеп жаткан объекттерин реконструкциялоо же жаңы объекттерин куруу боюнча учурдагы же пландалган инвестициялык долбоорлорду;

6) калкты тейлөө аймагында суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтары менен толук камтууга жетишүү үчүн инвестициялык муктаждыктарды баалоону;

7) тейлөө зонасында ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун сапатын талдоо жана эсептөө үчүн пайдаланылуучу натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүнүн деңгээлдерин;

8) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүлөрдүн мамлекеттик реестрине жана ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишимдерге шилтемени.

3. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүлөрдүн реестри ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлөт жана жүргүзүлөт.

**45-берене. Салыштырылуучу талдоо жана изилдөө практикасын колдонуу**

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган берилген маалыматты кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишинин көрсөткүчтөрүн салыштыруу үчүн пайдаланат. Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишинин натыйжалары натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүнүн билдирилген деңгээлдеринин негизинде салыштырылат. Ошентип ар бир көрсөткүч боюнча бир топко кирген кызмат көрсөтүүчүлөр алардын ишинин натыйжаларынын негизинде салыштырылат.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тиешелүү кызмат

көрсөтүүчүлөргө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү көрсөткүчтөр боюнча маалымдайт жана эгерде кызмат көрсөтүүчүлөр ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган белгилеген орточо көрсөткүчтөрдөн төмөн кызматтарды көрсөтсө, өндүрүмдүүлүктү жакшыртуу боюнча чараларды көрүүнү талап кылат. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган окутууну уюштуруу, алдынкы тажрыйбаларды алмашуу жолу менен аталган кызмат көрсөтүүчүлөргө колдоо көрсөтөт.

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган салыштырылуучу талдоо (изилдөө) жүргүзүүнүн натыйжалары жана потенциалды жакшыртуу үчүн жүргүзүлгөн иш-чаралар жөнүндө ар жылдык отчетту жарыялайт.

**46-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын ишинин натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү**

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнө төмөнкүлөр кирет (бирок алар менен чектелбейт):

1) тейлөө зонасында ичүүчү суу менен камтуу деңгээли;
2) тейлөө зонасындагы ичүүчү суунун сапаты;
3) тейлөө зонасында алынбай калган суу;
4) суу менен камсыздоонун үзгүлтүксүздүгү;
5) суу менен камсыздоо булактарында орнотулган суу өлчөгүчтөр;
6) суу кирүүчү түтүктөргө орнотулган суу өлчөгүчтөр;
7) суу менен камсыздоого кеткен чыгымдарды жабуу;
8) тейлөө зонасындагы саркынды сууларды чыгарууну камтуу деңгээли;
9) саркынды сууларды чыгаруу объектеринде орнотулган агынды сууларды эсепке алуу приборлору;
10) тейлөө зонасындагы агынды суулардын сапаты;
11) ичүүчү суу менен камсыздоо системаларында ичүүчү суунун коромжу болуусунун деңгээли;
12) саркынды сууларды чыгарууга кеткен чыгымдарды жабуу.

**47-берене. Мониторинг жүргүзүүнү жана контролдоону уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө маалыматтын ачыктыгы, жеткиликтүүлүгү**

Мониторинг жүргүзүүнү, баалоону жана контролдоону уюштуруу жана жүргүзүү боюнча органдын иши, эгерде бул мамлекеттик, коммерциялык, кызматтык же мыйзам менен корголуучу башка сырларды ачыкка чыгарууга алып келиши мүмкүн болгон учурларды, ошондой эле муну контролдонуучу жана башка адамдардын укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана

коопсуздугун коргоону, алардын ар-намысын, кадыр-баркын, ишкердик беделин коргоону камсыз кылуу кызыкчылыктарын талап кылган учурларды кошпогондо, ачык болуп саналат. Адамдардын ден соолугуна зыян келтирүүгө жана өмүрүнө коркунуч келтирүүгө тиешелүү маалыматтар жашырылбоого тийиш.

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мониторинг жүргүзүүнүн, баалоонун жана контролдоонун жыйынтыктары жөнүндө маалыматты өзүнүн расмий сайтына, жалпыга маалымдоо каражаттары, социалдык жана башка жеткиликтүү тармактар аркылуу жайгаштырууга жана актуалдуу абалда кармап турууга милдеттүү.

**48-берене. Мониторингдин маалыматтарын колдонуу**

Мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар жана талдоо ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүн өнүктүрүүнүн республикалык жана жергиликтүү программаларын даярдоодо пайдаланылат.

Мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар мамлекеттик аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жактардын жана жарандардын ишин маалыматтык камсыздоо үчүн пайдаланылат.

**10-глава. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын башкаруу**

**49-берене. Муниципалдык менчикте турган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларын өткөрүп берүүнүн өзгөчөлүктөрү**

Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларына ээлик кылуу жана пайдалануу укуктарын өткөрүп берүү Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын муниципалдык менчик жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык түзүлгөн келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат.

**50-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик-жеке өнөктөштүк**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жеке кызмат көрсөтүүчү менен "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык түзүлгөн МЖӨ жөнүндө макулдашуу формасында мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) жөнүндө макулдашууну түзүүгө укуктуу. Мындай макулдашууда ичүүчү суу менен камсыздоо жана

саркынды сууларды чыгаруу инфрструктурасын куруу, эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө каралышы мүмкүн.

**51-берене. Активдерди башкаруунун жалпы стандарттары**

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин эксплуатациялоодо кызмат көрсөтүүчүлөр активдерди башкаруунун төмөнкү стандарттарын сактоого тийиш:

1) суу булактарына эсептөө приборлорун орнотуу жана ичүүчү суу менен камсыздоо системасы аркылуу берилүүчү суунун көлөмүн өлчөө;

2) ичүүчү суунун көлөмү, тармактын жарылуулары жөнүндө маалыматтардын жана башка маалыматтардын негизинде ичүүчү суу менен камсыздоо тармактарында профилактикалык иштерди жүргүзүү. Профилактикалык иштерге жашыруун агып чыгууларды табуу жана жоюу, суу түтүктөрүн алмаштыруу жана/же басымды жөнгө салуу жана суу түтүгүнүн токтоп турган жерлерин азайтуу үчүн тармактык арматураларды орнотуу кирет;

3) суу чыгаруучу тармактарда жана курулмаларда тармактын параметрлери жөнүндө маалыматтын негизинде профилактикалык иштерди жүргүзүү. Профилактикалык иштерге кудуктарды, суу чыгаруучу түтүктөрдү жана аккан жерлерди текшерүү жана тазалоо кирет;

4) тийиштүү орнотмонун маанилүүлүгүн жана тиешелүү бузулууну эске алуу менен тармактагы көйгөйлөр жөнүндө сигналдарга чара көрүү;

5) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу инфраструктурасы жөнүндө маалыматтардын, ондоо иштеринин жана алмаштыруу иштеринин, ичүүчү суунун жана агынды суулардын көлөмүнүн, суу балансын, керектөөчүлөрдүн/кардарлардын жана эсепке алуу приборлорунун эсебин жүргүзүү, демек ички реестрлерди жана маалымат базаларын киргизүү.

**52-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын эксплуатациялоого берүүнүн тартиби**

Кызмат көрсөтүүчү эмес, башка тараптар (мамлекетти, жергиликтүү бийлик органдарын, тышкы донорлорду жана жеке инвесторлорду кошкондо) курган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүлөрдүн жаңы активдери Кыргыз Республикасынын Салык кодексине, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык эксплуатациялоого берилет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана кызмат көрсөтүүчү шаар куруу мыйзамдарынын талаптарына ылайык эксплуатациялоодогу, бирок эксплуатацияга берилбеген ичүүчү суу менен камсыздоонун жана

саркынды сууларды чыгаруунун учурдагы инфраструктурасын аныктоого жана аны “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана келишимге ылайык кызмат көрсөтүүчүгө эксплуатацияга берүү жөнүндө чечим кабыл алууга тийиш.

## 11-глава. Эл аралык кызматташтык

### 53-берене. Эл аралык кызматташтык

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү эл аралык кызматташтык төмөнкүдөй жолдор менен жүзөгө ашырылат:

1) эл аралык келишимдерди түзүү;

2) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү эл аралык программаларга жана долбоорлорго катышуу;

3) эл аралык уюмдардын, ичүүчү суу берүүчүлөрдүн ассоциацияларынын ишине катышуу;

4) ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндө биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү, адистер жана жаңы технологиялар менен алмашуу.

## 12-глава. Өткөөл жана корутунду жоболор

### 54-берене. Талаш-тартыштарды чечүү тартиби

Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык келип чыккан талаш-тартыштар сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жолу менен чечилет.

Талаш-тартышты сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салуу мүмкүн болбогон учурда талаш Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын сот органдарында каралууга тийиш.

### 55-берене. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу үчүн жоопкерчилик

1. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу абоненттери ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу системаларына келтирилген зыян үчүн ичүүчү суу менен менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүнүн алдында мүлктүк жоопкерчилик тартат.

2. Кызмат көрсөтүүчүлөр ичүүчү суу менен камсыздоонун жана саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларынын ээлери менен түзүлгөн келишимдерде каралган милдеттенмелердин аткарылышы

үчүн, ошондой эле абоненттер менен түзүлгөн келишимдерге ылайык белгиленген милдеттенмелер боюнча мүлктүк жоопкерчилик тартат.

3. Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматын көрсөтүүчүлөрдүн, ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу чөйрөсүндөгү абоненттердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо сот тартибинде жүзөгө ашырылат.

4. Ичүүчү сууну өндүрүүдө жана агынды сууларды тазалоодо колдонулуучу химиялык реагенттерди, жабдууларды жана материалдарды жабдуучулар келишимдик милдеттенмелерге ылайык өз убагында жабдыбагандыгы, анын сапатынын стандарттарда жана техникалык шарттарда белгиленген ченемдерге ылайык келбегендиги үчүн, алар жабдылбаган же төмөнкү сапатта жабдылган учурда калктын саламаттыгына зыян келтирүү мүмкүндүгүн эске алуу менен жоопкерчилик тартат.

5. Ушул Мыйзамда камтылган ченемдерди бузуу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына, укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына жана кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.

**56-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши жана өткөөл жоболор**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 30 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ушул Мыйзамга ылайык келтирилгенге чейин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары ага каршы келбеген бөлүгүндө колдонулат.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып алты айлык мөөнөттө:

1) өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

2) ушул Мыйзамды ишке ашырууну камсыз кылуучу актыларды жана башка чараларды кабыл алсын.

4. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 25-мартындагы № 33 “Ичүүчү суу жөнүндө” Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., № 8, 394-ст.);

2) Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 29-сентябрындагы № 81 “Ичүүчү суу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу” Мыйзамы (“Эркин-Тоо” газетасы, 2000-жылдын 6-октябрындагы № 80);

3) Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 28-июнундагы № 118 “Ичүүчү суу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр

жана толуктоо киргизүү тууралу" Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., № 10, 428-ст.);

4) Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлундагы № 240 "Кыргыз Республикасынын "Ичүүчү суу жөнүндө" Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралуу" Мыйзамы ("Эркин-Тоо" газетасы, 2009-жылдын 4-августу, № 67);

5) Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 12-ноябрындагы № 206 "Ичүүчү суу жөнүндө" "Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзамы ("Эркин-Тоо" газетасы, 2011-жылдын 15-ноябры, № 96);

6) Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-октябрындагы № 170 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамы ("Эркин-Тоо" газетасы, 2012-жылдын 12-октябры, № 90);

7) Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 18-июлундагы № 144 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренеси ("Эркин-Тоо" газетасы, 2014-жылдын, 5-августу, № 60).

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти**